# 20 ЖЫЛ КЫЗМАТТА

Бишкек 2024

**УДК 351/354**
**ББК 67.400.7**
**Ж94**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик

Китеп Агенттиктин директору Кудайберген Базарбаевдин жалпы редакциялоосу астында чыкты. Китепге Агенттиктин башкармалыктарынын, бөлүмдөрүнүн материалдары пайдаланылды.

Ж94 20 жыл кызматта/түз. Д. Мейманов, С. Босумбаев. - 2024 - 112 бет.

Бул китеп мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу органдын - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалат. Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын түптөлүшү жана калыптанышы, Мамлекеттик агенттиктин соңку жылдар аралыгындагы иш-аракеттери, мамлекеттик жана муниципалдык кызматты реформалоодогу ролу жөнүндө сөз болот.

Китеп  Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин түзүлгөнүнүн 20 жылдыгына карата даярдалды.

**ISBN 978-9967-9570-2-2**

**УДК 351/354**
**ББК 67.400.7**

# МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун КУТТУКТООСУ........................................................ 5

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгына карата аталган агенттиктин директору Кудайберген Базарбаевдин КУТТУКТООСУ........................................................ 9

КИРИШ СӨЗ ОРДУНА........................................ 12

**1-бап.** ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕНЕН ТАГДЫРЛАШ АГЕНТТИК (Улуттук мамлекеттик кызматтын калыптануу тарыхынан)......... 15

**2-бап.** МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ........................27

**3-бап.** ТАЛДОО ИШТЕРИ ТАКТЫКТЫ ТАЛАП КЫЛАТ..................... 35

**4-бап.** АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМА– МУНИЦИПАЛДЫК БАШКАРУУНУН ПАЙДУБАЛЫН БЕКЕМДЕДИ ...... 41

**5-бап.** МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ ОКУТУУ........................................ 46

**6-бап.** ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ БҮГҮНКҮ-КҮНДҮН НЕГИЗГИ ТАЛАБЫ..............................57

**7-бап.** ТЕСТИРЛӨӨ ТАТЫКТУУЛАРДЫ ТАНДАЙТ............................... 65

**8-бап.** ТҮШТҮК ЖАНА ТҮНДҮК АЙМАКТАР АРАЛЫК БАШКАРМАЛЫКТАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮ.................................... 69

**9-бап.** ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАР ЗАМАНБАП ШАРТТАРГА ШАЙКЕШ БОЛУУСУ КЕРЕК........................................ 76

**10-бап.** КОРРУПЦИЯНЫ БОЛТУРБОО БОЮНЧА ДЕМИЛГЕЛЕР ЖАНА АРАКЕТТЕР........................................ 85

СОҢКУ СӨЗ........................................ 91



**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 20 жылдыгына арналган иш- чарада сүйлөгөн сөзү**

## Урматтуу окурман!

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин түзүлгөнүнө быйыл туура 20 жылдын жүзү болуптур. Мындан улам, алгач бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды

20 жылдык маарекеси менен чын дилимден куттуктаймын!

Бүгүнкү күндө көз алдыбызда болуп жаткан бардык фундаменталдуу реформалар түпкүлүгүндө мамлекеттик башкаруу системасында эмгектенген кызматкерлердин билиминен, тажрыйбасынан, тутунган позициясынан, шык-жөндөмүнөн, моралдык-этикалык сапаттарынан, мекенчилдигинен жана жоопкерчилигинен көз каранды. Ошондуктан, кайсы учур болбосун, өлкөнүн өнүгүүсүн шарттаган реформаларды жүргүзүүдө Мамлекеттик кадр кызматынын орду өзгөчө экендиги талашсыз. Кызмат орундарына канчалык кесипкөй адистер келсе, реформалар ошончолук тез жүрүп, мамлекет ыкчам өнүгөт.

Өлкөбүз 20 жылдын ичинде башкаруунун түрдүү формаларына туш келди. Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги да бир топ кыйынчылыктарды башынан кечирди. Дегеле, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсү акыркы 3-4 жылдын ичинде бир топ өзгөрүүлөр менен алдыга жылууда. Алгач эле өлкөбүздүн Баш мыйзамы жаңыланып, башкаруунун президенттик формасына өтүү менен бийлик бутактары так бөлүштүрүлүп, тең салмактуулукка жетиштик. Аткаруу бийлигинин вертикалы орноду. Натыйжа көрсөткөндөй, бул процесстер биздин туура жолдо экенибиздин ачык-айкын далили болуп калды.

Учурда Кыргызстан экономикасы туруктуу өсүү жолуна түшүп, өлкөнүн казынасы дээрлик 3 эсеге көбөйдү. Мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акысы көтөрүлүп, алардын жан-дилин төшөп, ак кызмат өтөөсүнө кадимкидей шык-дем жаралды.

Кадр саясатын жүргүзүү практикасында системалуу түрдө ротациялоо, саясий кызматтарга кадрдык резерв аркылуу дайындоо, талапкерлердин өмүр таржымалын кылдат изилдөө принциптери иштей баштады. Кадр тандоодо мультипсихометр, полиграфтык тестирлөө жана башка жаңы технологиялар пилоттук режимде колдонулууда.

Мамлекет түптөөчү аталарыбыздын бири Жусуп Абдрахмановдун атын алып жүргөн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу боюнча атайын ыйгарым укуктуу окуу-методикалык мекеме катары өзүнүн негизги миссиясына кайтып келди.

Өткөн жылы дагы бир тарыхый окуя орун алды. 1960-жылдан бери Кыргызстанда Административдик-аймактык реформа жүргүзүлгөн эмес. Эгемендик жылдарында болсо бул маселе бир канча ирет көтөрүлгөнү менен, сөз жүзүндө калып келгени маалым. Акыры саясий эркти көрсөтүү менен чечим кабыл алып, дал ушул Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги менен биргеликте аталган реформаны ишке ашырдык.

Дүйнө жүзүнө белгилүү болгон “Кадрлар баарын чечет” деген учкул сөз кайсы доордо болбосун маанисин жоготпой келет, азыр да актуалдуулугун жоготкон жок. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кызматкерлер жети өлчөп, бир кесип чечим кабыл алуу менен мамлекеттик саясаттын негизги камсыздоочулары болуп саналат. Алардын чечими жана аткарып жаткан иштеринин натыйжалуулугу боюнча калк бүтүндөй мамлекеттик башкаруу системасына баасын берет.

Биздин негизги максат — тааныш-билиш аркылуу кызматка алууну жоюу. Мунун кесепетинен улам, айрым кесипкөй кадрлар мамлекеттик кызматка кире албай жүргөнү жашыруун деле

эмес. Ошондуктан биздин башкы милдет кадрларды тандоо процессине катышууну каалаган адистер тиешелүү билимге, тажрыйбага ээ болсо, анда ал сөзсүз жеңем деп сынакка ишенимдүү түрдө келгидей шарт түзүүгө жетишүү. Кадр тандоо маселесине элибиздин ишенимин кайтаруубуз зарыл. Биз бул ишти колдоого алдык, ар дайым көзөмөлүбүздө. Келечекте мамлекеттик жана муниципалдык кызматка жалаң мыкты кадрлар топтолооруна ишенем.

Мамлекеттик кызматта иштеген адамдар өз Мекенинин чыныгы атуулу, билими терең, тажрыйбага бай, моралдык-этикалык жактан туруктуу болушу керек. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишмердүүлүгүндө кандай гана кыйынчылыктар болбосун, Кыргызстаныбыздын, эл-журтубуздун кызыкчылыгы үчүн ак кызматын аябай, чын дили менен иштеп берерине үмүт артам.

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин мындан аркы иштерин албан-албан ийгиликтер коштосун!

**Кыргыз Республикасынын**

**Президенти** **С.Н. Жапаров**



**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүлгөнүнүн 20 жылдыгына карата аталган агенттиктин директору Кудайберген Базарбаевдин КУТТУКТООСУ**

## Урматтуу кесиптештер!

Сиздерди Агенттиктин 20 жылдык майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайм!

Мамлекеттик кызмат – өлкөнү башкаруу системасынын маанилүү механизмдеринин бири. Ар бир коом мамлекеттик башкаруусуз, башкача айтканда, мамлекеттик кызматкерлерсиз иштей албайт. Элдин бийликке ишеними заманбап коомдун талаптарына шайкеш ой жүгүртүп, натыйжалуу иштей билген мамлекеттик кызматкерден башталат.

Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич тарабынан жаңы мамлекеттик кадр саясаты, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат боюнча тапшырмалар коюлуп, алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө. Алдыда дагы көп иштер максатталууда. Кадр тандоо маселесинде заманбап технологияларды колдонууну жолго коюп жатабыз. Ошону менен катар, Агенттик кадр таңскытыгын алдын алуу Максатындагы мамлекеттик саясатты жүргүзүп келет. Тактап айтсак, кадрлар резервинин регионалдык жана муниципалдык резервин түзүүнү ишке ашырууда.

Агенттик Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясы менен бирдикте 2024-жылга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик тапшырыктын долбоорун түзгөн. 2024-жылга Мамлекеттик тапшырыктын долбоорунда республиканын бардык региондорунда 183 курсту өткөрүү жана квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо курстары боюнча 3660 адамды окутуу каралган. Бул максаттарга 2024-жылы республикалык бюджеттен 5,5 млн сом бөлүнөт.

Урматтуу кесиптештер, жаңы мезгил жаңы ой жүгүртүүнү талап кылат. Алардын бири - мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин деңгээлин жогорулатуу, терс көрүнүштөрдү жоюу, элге ак ниет кызмат кылуу.

Ушуга байланыштуу мындан жүз жыл мурда айтылса да, алигиче маанисин жоготпогон Пётр I нин сөзүн сиздердин эсиңиздерге сала кетейин. Ал: «Биздин алган билимибиз максаттуу ишке кызмат кылганда гана мааниге ээ болот, ал эми күндөлүк иште ыкчам жана чечкиндүү болушубуз керек» деген. («Все наши знания имеют значение только в том случае, если они служат делу, а в делах надо быть быстрыми и решительными»).

Мына ушул максатты көздөп, биз саясий кызмат ордун ээлеген жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын (акимдерди), шаар мэрлерин, айыл өкмөт башчыларын окутууну ишке ашырдык.

Агенттик магистратура жана докторантуранын кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү программалары боюнча кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу максатында JDS, KOICA сыяктуу эл аралык агенттиктер, Кытай Эл Республикасы, Бириккен Араб Эмираттары, Малайзия өлкөлөрү менен көп тараптуу кызматташтыкты түздү.  JDS жана KOICA долбоорлору боюнча тандоонун эки этабы өткөрүлүп, финалисттер аныкталды. Тандоонун бардык стадиялары ачык кулактандыруу аркылуу маалымдоо жолу менен ачык-айкын жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин Жарлыгы менен 2023-2024-жылдарга Ысык-Көл облусунун Түп районунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформанын концепциясы бекитилип, райондогу 13 айыл аймагы 5 айыл аймакка бириктирилди.

Ошондой эле, 2023-жылдын 3-апрелинде КР Президентинин Жарлыгы менен Нарын облусунун 63 айыл аймагы пилоттук негизде 27 айыл аймакка бириктирилди. Азыркы кезде өлкөнүн бардык аймактарында пилоттук режимдеги айыл өкмөттөрдүн (айыл аймактардын) деңгээлинде жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформалар жыйынтыкталууда.

Агенттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарга көмөктөшүүгө жана аларды ар тараптан колдоого дайым даярбыз.

**Урматтуу кесиптештер!**

Элибизде «Бийлиги күчтүү өлкө – дымактуу, тириликке тың болот» деген сөз бар. Кийинки 3-4 жылда өлкө жетекчилиги тарабынан республикабыздын жашоо-турмушунун бардык тармактарында активдүү өнүгүүгө багыт берилди.

Республикабыздын экономикасы олуттуу темп менен өсүүдө. Бул багытта көрүлүп жаткан аракеттер өлкөнүн глобалдык экономикага активдүү катышуусу үчүн шарттарды түзүүгө, анын түзүмүн диверсификациялоого жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жакшыртууга багытталган. Негизги максат – жарандарыбыздын бакубаттуулук деңгээлин жогорулатуу жана өлкөнүн кирешесин ортодон жогорку мамлекеттердин категориясына чыгаруу. Кыргызстандын 2030-жылга чейинки өнүгүү стратегиясынын туруктуу өсүүсүн камсыз кылуу - жарандарыбыздын жашоо сапатын жогорулатуу үчүн өтө маанилүү.

Сөзүмдүн аягында мен бардык кесиптештеримди мамлекеттик кызматкер деген ардактуу наамга татыктуу болуу менен сүйүктүү Кыргызстаныбызды 2030-жылга чейин кирешесин ортодон жогорку мамлекеттердин категориясына чыгаруу үчүн өлкөбүздө жүрүп жаткан жаратман иштердин активдүү катышуучусу болууга чакырам. Баарыңыздарга бакубат турмуш, чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт-таалай, бейпил турмуш каалайм.

Мекенчилдик бийик духка сугарылган адискөйлүктү жана тактыкты талап кылган жоопкерчиликтүү ишиңиздерде мындан ары да албан ийгиликтер жарала берсин!

Элибизде токчулук, молчулук болуп, жергебизде тынчтык болсун!

# КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

Мамлекеттик кызмат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, кийинчерээк муниципалдык кызмат 2004-жылдын 11-августунда кабыл алынган «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзамдын негизинде Дүйнөлүк банк жана Азия өнүктүрүү банкынын каржылык колдоолору менен түзүлгөн.

Кыргызстанда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды түзүү СССРде кадрларды тандоодо жана жайгаштырууда буга чейин колдонулуп келген ыкмалар жок кылынгандан кийинки боштукту толтуруп, рынок экономикасынын реалдуулугуна жана демократиялык баалуулуктарга ылайык келген жаңы талаптарга негизделген. Кыргыз Республикасы 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин рынок экономикасына негизделген демократиялык мамлекетти курууга багыт алды.

Мамлекеттик курулуш иштери алгач кыйынчылыктарга учурады, бардык тармактарда жаңы чакырыктарга туш болду. Кадрларды даярдоо-тандоодо, жайгаштырууда эски механизмдер күчүн жоготуп, ал эми жаңылары дароо «күчүнө кирбей», кризистик жагдайдын белгилери байкалды. Маселе күн тартибинде ушунчалык курч турганын эксперттер эле эмес, эл да сезе баштады.

Аны кандайдыр бир деңгээлде чечүү максатында 1996-жылы Кыргыз Республикасында мамлекеттик кызматтын негиздери жөнүндө убактылуу жобо, 1999-жылы «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Мамлекеттик кызматты уюштуруу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты алектенип, министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилерине дагы тапшырмалар жүктөлдү. Бирок, мамлекеттик кызматты уюштуруунун жана кадрларды тандоонун бирдиктүү системасы дагы деле жок болчу.

Жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын активдүү жардамы менен 2004-жылы өлкөдө кесипкөй мамлекеттик кызматты өнүктүрүүгө багытталган «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзамдын жаңы редакциясы кабыл алынды. Ошондой эле «Саясий жана башка атайын мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдардын жана алардын жакын туугандарынын кирешелери, милдеттенмелери жана мүлктөрү жөнүндө маалыматтарды декларациялоо жана жарыялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Бул мыйзамдарды кабыл алуунун натыйжасында мамлекеттик кызматты өнүктүрүү стратегиясын аныктоо максатында Мамлекеттик кызмат боюнча кеңеш түзүлдү. 2004-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттиги түзүлгөн. Өлкөдө кесипкөй мамлекеттик кызматтын калыптанышы бул органдын ишмердүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу.

Агенттикке мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу орган катары мамлекеттик органдар үчүн милдеттүү болгон тиешелүү ченемдик-укуктук актыларды жана бирдиктүү эрежелерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, мамлекеттик кызматка конкурстук тандоо системасын киргизүү милдеттери жүктөлдү, ишке кабыл алууда ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, кадрлардын улуттук резервин түзүү, мамлекеттик кызматчыларды даярдоо, квалификациясын жогорулатуу маселелерин координациялоо милдеттендирилди.

2009-жылы Агенттик Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы болуп өзгөртүлгөн. 2012-жылы Мамлекеттик кадр кызматына муниципалдык кызматтын мыйзамдык базасын иштеп чыгуу функциялары да жүктөлгөн.

Ал эми 2021-жылдын ноябрында болсо Мамлекеттик кадр кызматы КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги болуп кайра түзүлдү.

2008-жылдан тарта Кыргызстанда Тестирлөө борбору иштей баштады, анда бош мамлекеттик кызмат орундарына талапкерлер мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды билүүсүнө компьютердик тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө борборун түзүү коррупциянын алдын алууга жана ачык-айкын сынактык тандоо процессин түзүүгө багытталган. Тестирлөө борборунун филиалдары Агенттиктин аймактык бөлүмдөрүндө жана республиканын облусттук борборлорунда уюштурулган.

Ал эми мамлекеттик жана муниципалдык кызмат маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги кадрларды тандоо жана жайгаштыруу системасынын бүтүндүгүн сактоо менен кадр системасынын маселелерин жөнгө салуучу бирдиктүү жана комплекстүү мыйзамдык базаны түзүү жана колдоо жаатында «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдан тышкары 30дан ашык мыйзам алдындагы актыларды кабыл алып колдонууда жана алар дайыма өркүндөтүлүп келет.

*«Адатта акылдуу же күчтүүлөр эмес, өзгөрүүлөргө даярлар гана кризистен чыга алат».*

*Чарльз Дарвин*

## 1-бап
# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕНЕН ТАГДЫРЛАШ АГЕНТТИК (Улуттук мамлекеттик кызматтын калыптануу тарыхынан)

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүлүшүнүн тарыхы өлкөбүздүн түптөлүшү, Кыргыз Республикасынын эгемендикке ээ болушу менен байланыштуу. Эгемендүүлүккө жетишүү менен өлкөбүздө мамлекеттик башкаруунун конституциялык негиздери түптөлгөн.

Рынок экономикасына негизделген демократиялык мамлекетти курууга багыт алган Кыргыз Республикасы бардык тармактарда жаңы сыноолорго туш болду. Алды менен мамлекеттик башкаруунун улуттук моделин түзүү зарыл эле. Совет доорунан калган кадрлар көрөңгөсүн пайдалануу менен, эркин өлкө катары жаңы типтеги мамлекеттик кызматты түзүүгө аракеттер башталган.

Белгилүү болгондой, Совет доорунда кадр тандоонун жана жайгаштыруунун калыптанган тутуму иштеп, адистердин деңгээлине жана жөндөмүнө катуу талаптар коюлчу, кадрларды тандоо жана жайгаштыруу борбордук бийликтин чечими менен ишке ашкан.

Бул мезгилде партиялык системанын катаал мектебинен такшалган Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев, Асаналы Толубаев, Молдогазы Токобаев, Абды Сүйөркулов, Исхак Раззаков, Болот Мамбетов, Төрөбай Кулатов, Султан Ибраимов, Арстанбек Дүйшеев, Темирбек Кошоев, Акматбек Сүйүнбаев, Казы

Дыйканбаев, Турдакун Усубалиев, Апсамат Масалиев ж.б. кыргыздын чыгаан мамлекеттик ишмерлеринин бүтүндөй плеядасы өсүп чыккан. Бул инсандар Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн түптөөгө ат көтөргүс салым кошту, мекенге кызмат кылуунун бийик үлгүсү болуп калды. Өз алдынча эркин мамлекет катары кадам таштаган Кыргызстан үчүн улуттук мамлекеттик башкаруу тутумун түзүүдө ушул партиялык кадрлар көрөңгөсүнүн тажрыйбасына таянуу мүмкүндүгү болгон.

Ошентип эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекеттик кызматты уюштуруу, анын укуктук негиздерин түзүүгө багытталган мыйзамдар иштелип чыккан. 1999-жылы Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» алгачкы Мыйзамы кабыл алынган.

Мамлекеттик кызматты уюштуруу маселелери Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөт Аппаратынын карамагында болгон, ошондой эле министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилерине жүктөлгөн. Бирок мамлекеттик кызматты, кадр тандоону уюштуруунун бирдиктүү системасы жок эле.

Мамлекеттик кызматты ырааттуу реформалоо 2004-жылдан башталат. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык реформаларды тездетүү жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон административдик жана институционалдык потенциалды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик башкарууда жана мамлекеттик кызматта жүргүзүлүп жаткан реформанын алкагында 2004-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны 2004-жылдын 11-августундагы № 114 «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.

Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 18-сентябрындагы №301 Жар-

лыгы менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттик түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттиктин милдеттерине - кесипкөй мамлекеттик кызматтын үзгүлтүксүздүгүн, туруктуулугун жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу, мамлекеттик кызматка квалификациялуу кадрларды тартуу, мамлекеттик кызматчылардын өз милдеттерин натыйжалуу жана ак ниеттүү аткаруусу үчүн стимулдарды түзүү, мамлекеттик кызматты башкаруу боюнча институционалдык чараларды күчөтүү кирген.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну жана мамлекеттик кызматты реформалоо менен бир мезгилде мамлекеттик башкарууну децентрализация кылуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү ишке ашырылган. 2004-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны 2004-жылдын 21-августундагы №165 «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 28-октябрындагы №503 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттик түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттиктин ишинин негизги багыттары жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү аркылуу мамлекеттик башкарууну демократиялаштыруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн оптималдуу системасын иштеп чыгуу болуп саналат, тактап айтканда, мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүү жана функцияларды чектөө, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук

негиздерин өркүндөтүү, анын финансылык жана материалдык базасын чыңдоо, ошондой эле жергиликтүү калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасында жергиликтүү жамааттардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү.

Аткаруу бийлигинин системасына кирбеген мамлекеттик органдардын ишин оптималдаштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 26-октябрындагы № 426 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттик тарабынан ыйгарым укуктарды берүү жана мамлекеттик органга баш ийген түзүмдү Коррупциянын алдын алуу боюнча агенттик катары бекитүү кийин Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы болуп өзгөртүлгөн.

2010-жылдын 27-июнунда Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы менен өлкөнүн саясий системасы өзгөрдү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарга жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча, өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен чечүүгө кепилдиктер жана мүмкүнчүлүктөр берилди. Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин негизги принциптерин киргизген:

- жалпы эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент тарабынан көрсөтүлүүчү жана камсыз кылынган элдин бийлигинин үстөмдүгү;
- мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы ачыктыгы жана жоопкерчилиги жана алардын ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусу;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектөө.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектөө принцибин ишке ашыруу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын туруктуу жана кесипкөй кадрдык корпусун түзүү үчүн бирдиктүү негизди камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 2012-жылдын 17-февралындагы № 44 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттик тарабынан мурда ишке ашырылып келген муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү функциялар Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына өткөрүлүп берилген:

- муниципалдык кызмат чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бирдиктүү кадр саясатын жүргүзүү боюнча чараларды көрүү;
- муниципалдык кызматчыларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык класстык чендерди ыйгаруу;
- муниципалдык кызмат үчүн кадрларды даярдоо системасын түзүү боюнча иштерди уюштуруу, «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткарууда усулдук жетекчиликти колдоо менен биргеликте жоболорду ишке ашыруу боюнча функцияларды аткаруу, ушул Мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде.

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө жетишүү үчүн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясий, коомдук күчтөрдүн, ишкердик субъекттердин жана жарандардын күч-аракетин бириктирүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январын-

дагы №11 Жарлыгына ылайык, 2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы бекитилген. Анын алкагында көптөгөн жаңы концептуалдык документтер кабыл алынган, мисалы: «Мамлекеттик кызматты модернизациялоонун концепциясы», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматын өнүктүрүү стратегиясы», «Кыргыз Республикасында 2013-2017-жылдары мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү программасы», «Кыргыз Республикасында 2013-2020-жылдары мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү программасы» жана башкалар.

2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында белгиленген милдеттерди ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын комплекстүү долбоорун иштеп чыккан. Жаңы Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 30-майында кабыл алынып, 2016-жылдын 7-июнунда күчүнө кирген.

Мыйзам мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кабыл алуу системасын, кызматчылардын натыйжалуу, жемиштүү жана жоопкерчиликтүү иштешине көмөктөшүүчү материалдык жана материалдык эмес кызыктыруу механизмдерин өркүндөтүүгө багытталган.

Эгерде мурда мыйзамдарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды өткөрүүдө айырмачылыктар болсо, азыркы учурда бул карама-каршылыктар жоюлган. Мамлекеттик жарандык кызмат менен муниципалдык кызматтын статусу теңдештирилди, б.а. мамлекеттик кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары бирдей.

Бул мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын бекитилген бирдиктүү Реестринде чагылдырылган, алардын ортосунда ротация жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, ошол эле учурда

эки кызматта тең иштеген стажы бирдей эске алынат, эмгек акы төлөөгө бирдиктүү мамиле түзүлдү.

Кабыл алынган Мыйзамдын негизги жаңылыктары:

- мамлекеттик кызматтын бирдиктүүлүгү, ошондой эле «мамлекеттик жарандык кызмат» жаңы түшүнүктү киргизүү;
- «карьераны пландаштыруу» нормасын киргизүү;
- иштин натыйжалуулугун баалоону белгилөө (материалдык жана материалдык эмес мотивациянын негизинде мамлекеттик кызматчылардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу механизми катары);
- кызматчыларды окутуу, баалоо, ишинин практикалык натыйжалары менен алардын мансаптык жогорулашынын, материалдык жана материалдык эмес мотивациясынын ортосундагы өз ара байланышты орнотуу.

2015-жылдын 20-июлундагы №177 «Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызмат орундарын ээлеген адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлору иштелип чыккан:

- 2016-жылдын 27-июлундагы №149 «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»;
- 2016-жылдын 21-октябрындагы №169 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын чыгымдарын декларациялоо маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу».

Бул мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынып, мый-

замдуу күчүнө кирген. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:

- «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө»;
- «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө»;
- «Кыргыз Республикасынын бажы органдарында кызмат өтөө жөнүндө»;
- «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө».

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 18-июлундагы №172 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын карамагына өткөрүлдү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 20-апрелиндеги №2377-VI токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» программасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы №513 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасында 2018-2023-жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү программасы жана программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 9 жана 10-беренелерине ылайык иштелип чыккан жана бекитилген.

Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишкен 30 жылдык тарыхында бир катар саясий процесстерди

баштан кечирди. Бийлик тутуму саясий кризиске кептелүүсүнөн улам болгон  элдик толкундоолор тарыхый өзгөрүүлөргө алып келди. Экономиканын төмөн деңгээли менен катар кадр саясатындагы алешемдиктер,  адамдык ресурстардын натыйжалуу эмес менеджменти  элдик наразычылыктардын себеби болгондугу жашыруун эмес.

2020-жылдын 5-октябрында   болуп өткөн саясий окуялар элибиздин  мамлекеттик башкаруу тутумун жаңылоого болгон талабын даана көрсөттү. Натыйжада бийлик алмашып, мамлекеттик башкаруу тутумуна жаңы өзгөрүүлөр кирди.

Элдин талабына  жана тандоосуна ылайык өлкөбүздүн Баш мыйзамынын - Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы долбоору иштелип чыккан.

2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо менен катар референдум өткөрүлүп, Кыргызстандын эли өзүнүн тарыхый тандоосун жасады. Белгилүү болгондой, элибиздин 80%ынан көбү  башкаруунун президенттик формасын тандады. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы  редакциясы бүткүл элдик референдумда колдоого алынды.

Президенттик башкаруу формасына өтүүсү өлкөбүздүн мамлекеттик башкаруу тутумунда жаңы  реформаларды жүргүзүү зарылдыгын шарттады.

Мамлекеттик башкаруунун сапатын жогорулатуу үчүн мамлекеттик кызматка сабаттуу, демилгелүү, кесипкөй, ошол эле учурда таза, коррупциялык иштерге аралашпаган инсандарды тартуу жөнүндөгү демилгелери Кыргыз Республикасынын жаңы шайланган Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин өзүнүн алгачкы жарлыктарынын биринде – «Мамлекеттик жаңы кадр саясаты жөнүндө» Жарлыгында таасын чагылдырылды. Жарлыкта жаңы мамлекеттик кадр саясатынын төмөнкү башкы максаттары жана милдеттери белгиленди:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматка адилеттүү жеткилүүлүктү камсыз кылуу, жогорку кесипкөйлүү мамлекеттик аппаратты түзүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды карьералык өстүрүүнү, тиешелүү эмгек шартын, татыктуу эмгек акысын жана социалдык кепилдиктерди камсыз кылуу;
- мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кадрларды кесипкөйлүктүн жана адеп-ахлактык сапатынын негизинде гана кабыл алуу жана жайгаштыруу, кадрларды тандоодо улут жана тил белгилери, майыптуулугу боюнча чектөөгө жол бербөө, кызматка келечектүү жаштарды тартуу менен бийлик органдарындагы кесипкөй кадрлар курамын сактоо жана адам потенциалына аяр мамиле жасоо.

Ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык башкарууга татыктууларды тартуу үчүн кадрлар резервин түзүү жана өнүктүрүү, резервдеги кадрларды жетекчилик кызматтарга дайындоодо артыкчылыктуу түрдө пайдалануу талабы коюлду.

Жаңы мамлекеттик кадр саясатын жүзөгө ашырууда жергиликтүү бийлик органдарынын ролун эске алуу менен, өлкөбүз эгемендүүлүккө жетишкен 30 жылдын ичинде биринчи жолу жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын-акимдерди, алардын биринчи орун басарларын жана орун басарларын аттестациялоо демилгеленген. Райондук мамлекеттик администрация башчыларын-акимдерди жана алардын орун басарларын аттестациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-мартындагы № 65 токтому кабыл алынган. Аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү Мамлекеттик кадр кызматына жүктөлгөн.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынып, өлкөнүн саясий өнүгүүсүнүн

жаңы багыты аныкталган. Аталган өзгөртүүлөргө ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси менен ведомство тарабынан « Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иштелип чыккан.

Ушул Мыйзамдарды ишке ашыруу максатында, ошондой эле мамлекеттик аппаратты оптималдаштыруу контекстинде Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы № 520 «Мамлекеттик органдардын ишинин айрым маселелери жөнүндө» Жарлыгы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Региондорду өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик түзүлүп, бирдиктүү мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик түзүлдү.

Агенттиктин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу;
- мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук жана финансылык-экономикалык негиздерин чыңдоого көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин негизги иш багыттары ийгиликтүү өнүгүп жатат:

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, муниципалдык жана ички резервдери: мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына кадрларды тандоо системасы кадрдык резервдерди түзүү жолу менен камсыз кылуу;
- мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын потенциалын жогорулатууну уюштуруу;
- мамлекеттик башкарууда, жергиликтүү өз алдынча башкарууда, персоналды башкарууда жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу жаатында эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашыруу;
- мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүү;
- мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта кадрдык процесстерди камсыз кылуу үчүн акыркы санариптик технологияларды киргизүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын ишмердүүлүгүн санариптештирүү жана санариптик технологияларды колдонууну жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү боюнча көмөк көрсөтүү.

*«Ийгиликтүү башкаруу - келечекти көрө билүүдө»*

*Кытай накылы*

## 2-бап
## МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

2000-жылдын башында эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик кызмат институтунун, Кыргызстандын мамлекеттик кызматында туруктуулук жана үзгүлтүксүздүк системасын түзүүнү камсыз кылуу үчүн пайдубалы негизделди.

Кесиптик мамлекеттик кызматтын жолун жолдоочулугун, туруктуулугун жана көз карандысыздыгын камсыз кылууга, мамлекеттик кызматка квалификациялуу кадрларды тартууга, мамлекеттик кызматты башкаруунун натыйжалуулугун жакшыртууга багытталган «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2004-жылдын 11-августу № 114) кабыл алынып, мамлекеттик кызматты уюштуруунун негиздери белгиленип, мамлекеттик кызматчынын укуктук статусу, мамлекеттик кызматты өтөөнүн шарттары, мамлекеттик кызматчыларды сыйлоонун жана алардын жоопкерчилигинин тутуму жөнгө салынды.

Ошондой эле, 2004-жылдын 21-августунда «Муниципалдык кызмат жөнүндө» № 165 Мыйзамы кабыл алынып, муниципалдык кызматты уюштуруунун жалпы принциптери жана муниципалдык кызматчылардын укуктук абалынын негиздери аныкталды.

Кыргызстанда саясий кызмат орундарын кесипкөй мамлекеттик кызматчылардан бөлүү, мамлекеттик кызматка кирүүдө атаандаштыкты күчөтүү жана мамлекеттик кызматчыларды көтөрүү, кадрларды башкаруу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине саясий кийлигишүүнүн деңгээлин азайтуу, мамлекеттик кызматчылар тарабынан өздөрүнүн милдеттерин кыйла натыйжалуу жана ак ниеттүү аткаруусу үчүн жүйө түзүү, ошондой эле мамлекеттик кызматты башкаруу боюнча институционалдык иш-чараларды күчөтүү маселелери чечилди.

Мыкты чет өлкөлүк тажрыйбаны колдонуунун жана өздөрүнүн муктаждыктарын изилдөөнүн натыйжасында Кыргызстан үзгүлтүксүздүктү, кесипкөй жана туруктуу мамлекеттик кызматты түзүүнү камсыз кылуу үчүн өбөлгөлөрү бар бирдиктүү мамлекеттик кызмат системасын түзө алды.

2016-жылы кабыл алынган «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, тиешелүү ченемдик актылар жана заманбап башкаруу менен Кыргызстандын мамлекеттик башкаруу системасынын адам дараметин өнүктүрүү үчүн натыйжалуу механизм түзүлүп, мамлекеттик жана муниципалдык кызматты башкаруу системасын бекитти. Иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасын, квалификациялык талаптарды, класстык ченди ыйгаруу, ажыратуу жана төмөндөтүү, карьералык пландоо, мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервин кошкондо, уюштуруунун негизги жоболору иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамында ачык конкурстук системасыз бош кызмат орундарына дайындоону жеңилдетүүчү механизмдери каралган. Жогоруда белгиленген Мыйзамдын талаптарына ылайык бош кызмат орундарын ээлөөгө ачык конкурсту өткөргөнгө чейин ички жана улуттук кадрлар резервдериндеги адамдардын арасында конкурс өткөрүлөт. Жетекчилерге кийинки кызмат орундарына конкурс жарыялабай дайындоо мүмкүнчүлүгү берилген. Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүнүн тартиби беренеси бош кызмат орундарын ротациялоо тартибинде ээлөөнү белгилеген.

Ошондой эле, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси баалоонун жыйынтыгы боюнча квалификациялык талаптарга ылайык келген шарттарда кызматчыны жогорку кызмат ордуна дайындоо укугу каралган.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын калыптануусунда жетишкендиктерге да, ошону менен бирге, бул багыттагы ченемдик укуктук актылардын кээ бир ченемдеринин иш жүзүндө аткарылуусунда тоскоолдуктарга да дуушар болду.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөргө болгон конституциялык укуктарын ишке ашыруу, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кесипкөй кадрларды жана келечектүү жаштарды тартуу, кызматчылардын моралдык-адеп-ахлактык сапаттарын жакшыртуу, мамлекеттик башкаруу системасында коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин «Мамлекеттик жаңы кадр саясаты жөнүндө» Жарлыгын кабыл алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарга кадрларды тандоону түп тамырынан жакшыртуу үчүн шарттар түзүлдү.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын саясий жана административдик кызмат орундарына дайындоо үчүн резервди түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиптери аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кадрлардын региондук резервин жана муниципалдык резервин түзүү жана алардын иштөөсү жөнүндө» 2021-жылдын 5-ноябрындагы № 521 Жарлыгына ылайык, төмөндөгү бош жетекчилик кызмат орундарына кыйла квалификациялуу жана келечектүү башкаруучу кадрларды өз убагында дайындоо максатында жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын жана алардын орун басарларынын кызмат орундарына дайындоо үчүн Региондук кадрлар резервине, ошондой эле, шаарлардын мэрлеринин, алардын орун басарларынын жана айыл өкмөттөрүнүн башчыларынын кызмат орундарына дайындоо үчүн Муниципалдык кадрлар резервине талапкерлерди киргизүүгө конкурс өткөрүү, аны түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө Жоболор кабыл алынып, бош кызмат орундарына резервден дайындоо системасы ишке кирди.

Ал эми, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында башкы, улук жана кенже административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрлар резервдерин түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервин түзүү жана иштөөсү жөнүндө» 2022-жылдын 2-февралындагы № 24 Жарлыгы кабыл алынып, мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби аныкталды.

Бүгүнкү күнү бош административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрларды дайындоо системасынын иштешине талдоо жүргүзүп, административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына квалификациялуу кадрларды тартуу максатында түзүлгөн Кадрлар резервинин иштөөсүндө жетишкендиктерге, ошондой эле кемчиликтерге токтолуп кете турган болсок, 2022-жылга чейин бош административдик кызмат ордун ээлөө боюнча конкурстун жыйынтыгынын негизинде дайындоо бош административдик кызмат ордун ээлөө боюнча конкурс өткөрүү процесси узакка созулгандыгы мамлекеттик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Ал эми, азыркы убакта, бош административдик кызмат ордуна резервден дайындоодо бош кызмат орду пайда болгон учурда кыска мөөнөттүн ичинде, кадрлар резервинде турган талапкерлердин арасынан бош кызмат ордуна коюлган квалификациялык талаптарга жооп берген адамды дайындоо менен мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишинин жүрүшү үзгүлтүккө учурабай өз убагында кесипкөй кадр менен камсыз болот.

Саясий мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын ичинен райондук мамлекеттик администрация башчысынын, шаардын мэринин, алардын орун басарларынын жана айылдык аймактын айыл өкмөттөрүнүн кызмат ордуна дайындоо үчүн түзүлгөн кадрлар резервинин иштөөсүнө токтолсок, 2024-жылдын 25-сентябрына карата жогоруда белгиленген кызмат ордуна түзүлгөн кадрлар резервинде 2558 резервист турат. Адамдын саны боюнча айтканда 1649 киши, анын ичинен аялдардын саны - 162 (9,8%).

Бир эле киши бир нече кызмат орундарында резервде тургандыктан бул жерде резервисттердин саны көбүрөөк болуп калат.

| Кызмат орундары | Кызмат орундарынын саны | Кызмат ордуна киргизилген резервистердин саны | Анын ичинен аялдардын саны |
|---|---|---|---|
| Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы | 40 | 131 | 9 |
| Акимдин биринчи орун басары | 40 | 199 | 23 |
| Акимдин орун басары | 40 | 197 | 58 |
| Республикалык маанидеги шаардын мэри | 2 | 36 | 3 |
| Республикалык маанидеги шаардын мэринин орун басары | 11 | 129 | 20 |
| Облустук маанидеги шаардын мэри | 14 | 138 | 13 |
| Облустук маанидеги шаардын мэринин орун басары | 19 | 287 | 54 |
| Райондук маанидеги шаардын мэри | 17 | 257 | 20 |
| Райондук маанидеги шаардын мэринин орун басары | 12 | 383 | 61 |
| Айыл өкмөтүнүн башчысы | 231 | 801 | 75 |
| **Бардыгы:** | **426** | **2558 (резервист)** | **336 (резервист)** |

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кадрлардын региондук резервин жана муниципалдык резервин түзүү жана алардын иштөөсү жөнүндө» 2021-жылдын 5-ноябрындагы № 521 Жарлыгы менен бекитилген жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын жана алардын орун басарларынын кызмат орундарына дайындоо үчүн региондук кадрлар резервине талапкерлерди киргизүүгө конкурс өткөрүү, аны түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө Жобонун 18-пунктунда жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн консультациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунушунун негизинде Региондук резервде турбаган жана мыйзамдарда каралган квалификациялык талаптарга шайкеш келген адамдар дайындалышы мүмкүн, алар кийин дайындалган күндөн тартып 3 айдын ичинде белгиленген тартипте Региондук резервге киргизилет.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын биринчи орун басарынын (орун басарынын) кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн консультациясы боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын сунушунун негизинде Региондук резервде турбаган жана мыйзамдарда каралган квалификациялык талаптарга шайкеш келген адамдар дайындалышы мүмкүн, алар кийин дайындалган күндөн тартып 3 айдын ичинде белгиленген тартипте Региондук резервге киргизилет деп, ал эми, ушул эле Жарлык менен бекитилген шаарлардын мэрлеринин, алардын орун басарларынын жана айыл өкмөттөрүнүн башчыларынын кызмат орундарына дайындоо үчүн Муниципалдык кадрлар резервине талапкерлерди киргизүүгө конкурс өткөрүү, аны түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө

Жобонун 21-пунктунда Бишкек, Ош шаарларынын жана облустук маанидеги шаарлардын мэрлеринин кызмат орундарына Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Муниципалдык резервде турбаган жана мыйзамдарда каралган квалификациялык талаптарга шайкеш келген адамдар дайындалышы мүмкүн, алар кийин дайындалган күндөн тартып 3 айдын ичинде белгиленген тартипте муниципалдык резервге киргизилет деп белгиленет.

«2030-жылга чейин аялдардын лидерлигин колдоо боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик программасын жана 2024-2027-жылдарга аялдардын лидерлигин колдоо боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7- мартындагы № 62 Жарлыгы менен 2030-жылга чейин аялдар лидерлигин колдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик программасы бекитилип, аялдарга басым жасоо менен кадрлардын региондук жана муниципалдык резервдерине конкурстар жарыяланып, лидер аялдардын атайын кадрлар резервин түзүү боюнча иштер жүрүп жатат. Мамлекеттик жарандык кызматты өтөөдө жылдын жыйынтыгы менен жүргүзүлгөн аналитикалык маалыматтарга таянсак, мамлекеттик кызмат орундарын саясий, атайын жана административдик мамлекеттик кызмат ордун кошуп эсептегенде мамлекеттик жарандык кызмат ордун ээлеген аялдардын саны боюнча төмөндөгүдөй маалымат алынды:

***Мамлекеттик жарандык кызматчылар боюнча:***

| | Мамлекеттик кызмат орундары | Иштеп жаткан кызматчылардын саны | Анын ичинен аялдар |
|---|---|---|---|
| **2019** | 17480 | 16390 | 6907 (42 %) |
| **2020** | 17983 | 16603 | 7091 (42,7) |
| **2021** | 17302 | 1586 | 6685 (43,1%) |
| **2022** | 18108 | 16926 | 7276 (42,9 %) |
| **2023** | 17796 | 16694 | 6920 (41,4%) |

***Муниципалдык кызматчылар боюнча:***

| | Мамлекеттик кызмат орундары | Иштеп жаткан кызматчылардын саны | Анын ичинен аялдар |
|---|---|---|---|
| **2019** | 9829 | 8955 | 3229 (36%) |
| **2020** | 9871 | 8899 | 3258 (36,6%) |
| **2021** | 9983 | 8728 | 3303 (37,8%) |
| **2022** | 9786 | 8868 | 3371 (38 %) |
| **2023** | 9524 | 8789 | 3321 (37,8 %) |
| **2024** | 4815 | 4476 | 1949 (40,5 %) |

Акыркы беш жылды салыштырганда мамлекеттик жарандык кызматчылардын 41-43%ын аялдар түзүп, ал эми муниципалдык кызматчылардын арасынан аялдар 36-38%ын түзүшкөн. 2024-жылы Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформанын алкагында муниципалдык кызматчылардын саны кыскартылгандан кийин муниципалдык кызматчылардын арасынан аялдардын саны – 1949 болуп, 40,5 %ды түздү.

***«Кыргызстанда мыйзам менен тартип үстөмдүк кылууга тийиш. Бул базалык принциптерди турмушка ашыруу бүгүнкү башкаруучуларга жүктөлгөн».***

***Садыр Жапаров, Кыргыз Республикасынын Президенти***

## 3-бап
## ТАЛДОО ИШТЕРИ ТАКТЫКТЫ ТАЛАП КЫЛАТ

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Талдоо иштери бөлүмү Агенттиктин структурасында, ошондой эле мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Бөлүм ишин улуттук жана мамлекеттик концепцияларга жана өнүктүрүү программаларына ылайык түзүмдүк бөлүмдөр жана аймактык өкүлчүлүктөр менен тыгыз аракеттенүү жана ошондой эле жетекчиликтин тапшырмасы боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык жана эксперттик коомчулук менен ишке ашырат. Андан сырткары, маалыматтарды уюштуруп, талдап гана тим болбостон, мамлекеттик кызматты жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну модернизациялоого багытталган стратегиялык чечимдерди иштеп чыгууга жардам берген эксперттик кеңештерди берет. Ошондой эле, бөлүм Агенттиктин иш планынын аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү, Агенттиктин мамлекеттик программалардын иш-чараларын аткаруусу жөнүндө маалыматты даярдоо, Агенттиктин ишинин негизги багыттары боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматты даярдоо, Стратегиялык мамлекеттик программаларды эске алуу менен Агенттиктин жылдык иш планынын долбоорун иштеп чыгуу ишин аткарат.

Аналитикалык иштер бөлүмү кеңири функцияларды аткарат, алардын ичинен төмөнкү негизги багыттарды белгилөөгө болот:

- мамлекеттик жана мамлекеттик программалык концепциялардын жана документтердин негизинде стратегиялык максаттарга жана кадр саясатынын милдеттерине жетишүүгө оперативдүү башкарууну багыттоо;
- мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрдык системасынын иштешин талдоо жана баалоо, аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- Агенттиктин иш-чараларынын жыйынтыктары боюнча маалыматтарды даярдоо, ошондой эле Агенттикке Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызматтагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жөнүндөгү жалпы мамлекеттик бекитилген улуттук программалардын жана иш-чаралардын пландарынын ишке ашырылышы тууралуу маалыматтарды убакты сааты менен толуктап берип туруу;
- мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды талкуулоо жана иштеп чыгуу үчүн эксперттик аянтчаны түзүү.

Акыркы жылдары Талдоо бөлүмүнүн башчысынын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» Жарлыгынын иш-чаралар планынын 92-пунктунун негизинде «2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясы» иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 2-февралындагы № 17 Жарлыгы менен бекитилген. Аталган Стратегия мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын натыйжалуу системасын түзүүгө багытталган негизги документ болуп саналат жана коомго ак ниет кызмат кылууга, мамлекеттин максаттарын, милдеттерин жана функцияларын сапаттуу аткарууга багытталган кесипкөй мамлекеттик жарандык кызматтын жана

муниципалдык кызматтын натыйжалуу кадрдык аппаратын түзүү максатын көздөйт . Ошондой эле, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрдык потенциалын жогорулатуу боюнча чараларды, кадрларды тандоонун жана карьералык илгерилетүүнүн бирдиктүү жол-жоболору аркылуу мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кызмат орундарына дайындоодо жарандардын бирдей укуктарынын кепилдиктерин аныктайт.

Стратегияда коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу пландаштырылган:

1) мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты башкаруу системасынын натыйжалуулугун камсыз кылуу;

2) мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү;

3) мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызматка кабыл алууда жарандарга бирдей укуктарды камсыз кылууну эске алуу менен кызмат орундарына тандоонун жол-жоболорун унификациялоо;

4) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын потенциалын арттыруу;

5) компетенциясынын жана эмгегинин негизинде кызматчылардын карьералык жогорулоосу;

6) коррупцияга каршы чараларды күчөтүү менен кызматчылардын этикалык стандарттарын бекемдөө;

7) мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта кадр процесстерин санариптештирүү;

8) кызматчылардын социалдык кепилдиктерин камсыз кылуу жана мотивациялоо.

Аталган стратегияны ишке ашырууда Агенттикке жана мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө бирдиктүү саясатты камсыз кылууга

багытталган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине маанилүү роль таандык.

Агенттик Стратегияны ишке ашырууга артыкчылыктуу көңүл бурууда жана туруктуу максаттуу иштерди жүргүзүүдө.

2023-жылдын 4-апрелиндеги № 87 буйрук менен бул стратегияны ишке ашыруу боюнча Агенттиктин иш-чаралар планы бекитилген. Планда 2023-жылдан 2025-жылга чейин 45 иш-чара каралган, анын ичинен 20 иш-чара кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө Мыйзамдан келип чыгуучу ченемдик укуктук актыларды ишке ашырууда көмөк көрсөтүү бөлүгүндө туруктуу негизде өткөрүлүп турат.

Айта кетсек, Агенттик тарабынан иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 9-августунда № 187 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө» Жарлыгы кабыл алынган. Ошондой эле, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыны кызматтык милдеттерин өз алдынча аткарууга даярдоо, анын ээлеген кызмат ордуна адаптация мезгилин минималдаштыруу, анын кесиптик калыптанышына, кесиптик билимдерге жана кызматтык милдеттерин аткаруу көндүмдөрүнө ээ болушуна жардам берүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-декабрындагы № 637 токтому менен «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында насаатчылык жөнүндө типтүү жобо бекитилди. Мындан сырткары, бөлүм Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында белгиленген

милдеттерди ишке ашыруунун алкагында төмөндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана тескемелеринин, ошондой эле мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы улуттук жана мамлекеттик программалардын, стратегиялардын, иш пландардын жана башка ченемдик укуктук актылардын аткарылуусу боюнча Агенттиктин иш планын бекитип, тиешелүү бөлүмдөргө аткарууга жөнөтөт жана ишке ашуусун көзөмөлдөйт.

- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-январындагы «Жаңы мамлекеттик кадр саясаты жөнүндө» №2 Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» № 435 Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 2-февралындагы «2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүү жана калыптандыруу боюнча мамлекеттик стратегиясын бекитүү тууралуу» №17 Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын айыл ай-

мактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» № 370 Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө» № 39 Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» № 352 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-февралындагы «2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү программасы жөнүндө» №80 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-январындагы №14 тескемеси менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылга иш-аракеттер планы»;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341- тескемеси менен бекитилген «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн» концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы.

Ошондой эле, аталган ченемдик укуктук актылардын аткарылышы тууралуу маалыматты жогору турган органдарга белгиленген мөөнөттө жиберилүүсүн камсыз кылат.

*«Адамдар башчысы ишенгенге ишенет. Ишенич жугуштуу».*

## 4-бап
## АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМА - МУНИЦИПАЛДЫК БАШКАРУУНУН ПАЙДУБАЛЫН БЕКЕМДЕДИ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун демилгесинин негизинде соңку эки жыл аралыкта аймактарды өнүктүрүү максатында административдик-аймактык түзүлүштү реформалоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Бул маселе Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук Программасына киргизилип, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары чыгып, ишке ашырылды.

2022-жылдын 28-декабрындагы №414 - «Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Түп районунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө» КР Президентинин Жарлыгы менен Түп районунун деңгээлинде алгачкы пилоттук негизинде реформа жүргүзүлүп, 13 айыл аймагынан 5 айыл аймагы түзүлдү.

2023-жылдын 3-апрелиндеги №85 - «Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Нарын облусунда реформа улантылып, 63 айыл аймактан 27 айыл аймагы түзүлдү. Жаңы түзүлгөн айыл өкмөттөргө колдоо көрсөтүү максатында Президент бирден жаңы «НИВА» автоунааларын тапшырды.

Эки облустун аймактарында реформа ийгиликтүү жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу 2023-жылдын 29-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Прези-

дентинин № 370 - Жарлыгы менен калган 6 облустун административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча сунуштар жактырылып, ишке ашырылды.

Президенттин демилгеси жана саясий эрки менен ишке ашырылган административдик-аймактык реформа – акыркы 30 жылдын ичиндеги мамлекеттик масштабдагы эң чоң реформа болду.

Бул реформа мамлекетке эң керектүү болгон, бирок көп жылдары ишке ашкан эмес. Административдик-аймактык реформаны жүргүзүүдө төмөнкү максаттар коюлган:

- калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу;
- калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу;
- башкаруунун ийкемдүү жана натыйжалуу системасын киргизүү;
- региондордун социалдык-экономикалык жана табигый-ресурстук потенциалын сарамжалдуу пайдалануунун негизинде айыл аймактарында жана шаарларда социалдык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу.

Административдик-аймактык реформаны жүргүзүү мамлекетке жеңил болгон жок. Аталган реформанын алкагында айыл аймактардын саны 452 ден 221 айыл аймагы кыскартылып, 231 айыл аймак калды. Облустар боюнча алсак, Баткен облусунда 31 айыл аймактан 22 калды, Жалал-Абад облусунда 67 айыл аймактан 37 калды, Нарын облусунда 63 айыл аймактан 27 калды, Ош облусунда 88 айыл аймактан 58 калды, Талас облусунда 37 айыл аймактан 16 калды, Чүй облусунда 105 айыл аймактан 49 жана Ысык-Көл облусунда 61 айыл аймактан 22 калды.

Айыл аймактар калкынын саны боюнча, тейлеген аймагы боюнча дагы чоң теңсиздиктер жана ажырымдар чоң болчу. Республика боюнча  7 облус, 40 район, 33 шаар, 452 айыл аймагы,  32 шаар, анын ичинен 2 республикалык маанидеги шаар жана 452 айыл аймагы бар болчу. 452 айыл аймактын 62си – бир эле айыл – бир айыл өкмөттөн турган. Ошол эле учурда 10 дон 20га чейин айылы бар, элинин саны 30-40-50 миңге жеткен айыл өкмөттөрү бар болчу. Айылдарынын санына, калкынын санына карабай, айыл өкмөттүн башчылары бирдей эле айлык алышчу.

Административдик-аймактык реформага чейин 10094 штат болсо,  административдик-аймактык реформадан кийин 6085штат болуп, 4009 штатка кыскарды. Административдик-аймактык реформага чейин буларга 4,8 млрд сом каражат жумшалса, азыр 3 млрд сом жумшалат, 1,8 млрд сом үнөмдөлдү. Экономияда калган акча каражаттарын 3 жылга чейин толугу менен айыл өкмөттөрдүн өздөрүнө калтыруу каралды.

Кыскарган адистерге төмөнкүдөй шарттар түзүлдү:

- резервдерге кирди,
- келишимдик негиздерде иштөөгө өттү,
- келишим менен иштегендердин айлыгы административдик-аймактык реформага чейинки айлыктан аз болбогон жагы каралды,
- айыл башчылары мурда 7040 сом айлык алып жүргөн болсо, азыр аларга 28 миң сомго чейин каралды,
- стаждары толугу менен сакталат.

Айыл башчы болуп чыныгы айылдын жүгүн алып кете ала турган кадырлуу, барктуу, сыйлуу, элге сөзү өтө турган, иштерман адамдарды өздөрү коюп алганга жол ачылды. Иштебей калган адистер үчүн 469 млн сом каражат компенсация каралды.

Административдик-аймактык реформанын алкагында 2 райондук маанидеги Кара-Балта жана Кант шаарлары облустук маанидеги шаар категориясына которулду. Райондук маанидеги Шамалдуу-Сай шаары түзүлдү. Шаарлар кеңейтилип, алардын курамына 19 айыл аймагы жана 103 айылды киргизүү сунушталды.

Административдик-аймактык реформанын максатын, ишке ашыруу жолдорун түшүндүрүү, усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү максатында Агенттиктин адистери тарабынан жумушчу топ түзүлүп, акимдерге, мэрия жана айыл өкмөттөрдүн башчыларына, шаардык жана айылдык кеңештердин төрагаларына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басарларына семинар-окутуулар региондордо өткөрүлдү. Окутууларга 1000ден ашык адам катышып, көп көйгөйлүү суроолорго тиешелүү жооптор берилди.

Административдик-аймактык реформаны ийгиликтүү ишке ашыруу ошондой эле мэрияларга, айыл өкмөттөргө, айылдык кеңештерге колдоо көрсөтүү максатында, Агенттик тарабынан төмөнкү иштер аткарылды:

- пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа жүргүзүлгөн региондордогу айылдык кеңештердин ишмердигин уюштуруу жөнүндө Убактылуу жобо иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 87 Жарлыгы менен бекитилген.
- пилоттук режимде бирриккен айыл аймактарынын айыл өкмөттөрүнүн ишмердигин уюштуруу маселесин, укуктук негиздерин жана штаттык бирдиктерди аныктоо максатында, Убактылуу жобо иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы № 177 токтому менен бекитилген.

**Агенттик тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн төмөнкү усулдук колдонмолор жана убактылуу жобо иштелип чыкты:**

- Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча усулдук колдонмо;
- Айыл аймагын сугат суу менен камсыздоо маселелери жөнүндө усулдук колдонмо;
- Контракттык негизинде кабыл алынган кызматкерлер (айыл башчылар) жөнүндө усулдук колдонмо;
- Мамлекеттик жайыттарды башкаруу жана пайдалануу жөнүндө Убактылуу жобо.

Аталган методикалык колдонмолор айыл өкмөттөргө пайдалануу үчүн атайын методикалык жардам катары иштелип чыгарылды.

Анткени, мамлекеттик жайыт жана сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин коомдук бирикмелер алып барып, Айыл чарба министрлиги тарабынан көзөмөлдөнүп турган.

Учурда административдик-аймактык реформанын алкагында айыл өкмөттөрдүн башкаруусуна жана пайдалануусуна берилди.

Ал эми ушул маселелерди жеринде айыл өкмөттөрү алып баруусу үчүн муниципалдык ишканаларды уюштуруу максатында усулдук колдонмолор иштелип чыкты.

Бул колдонмолор жайыттарды башкаруу маселесин ким аткарат жана аларды кантип пайдаланат? Сугат суу маселеси кантип чечилет жана ага ким жооп берет? Түзүлүп жаткан муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгү кантип уюштурулат жана ким тарабынан бекитилет? Жергиликтүү кеңештер жана айыл өкмөттөрү кандай функцияларды аткарат? - деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Агенттик, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болгондугуна байланыштуу, иштелип чыккан жана кабыл алынган мыйзамдардын негизинде калктуу конуштар айыл категориясына киргизилди. Республика боюнча 2015-жылга карата макамы жок 219 калктуу конуш болсо, 2015-жылдан 2021-жылга чейин 102 калктуу конуш, 2023-2024-жылдары 28 калктуу конуш айыл категориясына киргизилип, бардыгы 130 калктуу конушка айыл макамы ыйгарылды.

Айыл макамын ыйгарууда жарандарга жашаган айылына каттоого туруусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт, социалдык маселелерди чечүүгө, инвестицияларды тартууга дагы шарттар түзүлөт. Ошондой эле, мамлекеттик, тарыхый жана улуттук кызыкчылыктарды эске алуу менен өткөн жана азыркы мезгилде кеңири белгилүү, жашоочулардын колдонуусунда болгон тарыхый аталыштарды ыйгаруу жана жарандарды патриоттук сезимде тарбиялоону жакшыртуу максатында Агенттик тарабынан иштелип чыккан жана кабыл алынган мыйзамдардын негизинде 2022-2024-жылдары 1 район, 17 айыл жана 7 айыл аймак кайрадан аталды.

## 5-бап
## МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ ОКУТУУ

Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кадрдык потенциалды жогорулатуунун бирдиктүү системасын өркүндөтүүдө, квалификациялуу кадрларга болгон реалдуу муктаждыктарды эске алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууда Агенттиктин Эл аралык кызматташтык жана окутуу бөлүмү олуттуу иштерди аткарып келет. Эскере кетсек, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказ системасы 2014-жылы киргизилген. Буга чейин мамлекеттик жана му-

ниципалдык кызматчыларды окутуу айрым маселелер боюнча эпизоддук түрдө өткөрүлүп келген. Окутуу актуалдуу мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун алкагында жана донордук уюмдардын демилгеси боюнча жүргүзүлгөн.

2014-жылдан баштап окутуу мамлекеттик заказдын негизинде жүргүзүлүүдө. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин № 147  Жарлыгы менен мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кадрдык потенциалды жогорулатуунун бирдиктүү системасын андан ары өркүндөтүү, ошондой эле квалификациялуу кадрларга болгон реалдуу муктаждыктарды эске алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу процессине практикалык багыт берүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы Мамлекеттик кадр кызматынын (азыркы Агенттик) карамагына өткөрүлүп берилген.

Ошондой эле «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө« Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана окутуу жөнүндө жобого тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген. Бул өзгөртүүлөргө ылайык Академия Мамлекеттик заказды жайгаштыруу жана окутууга тиешелүү башка иш-чараларды өткөрүү үчүн жооптуу. Бардыгы болуп 2014-жылдан тартып 2023-жылга чейин мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 24 756 кызматкери окуудан өткөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги жана Академия менен биргеликте 2024-жылга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказдын долбоорун түзүп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги №175 тескемеси менен бекитилген. 2024-жылга мамлекеттик тапшырыктын алкагында

мамлекеттин бардык региондорунда 187 курсту өткөрүү менен квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстары боюнча 3660 адамды окутуу каралган. 2024-жылы окутууга республикалык бюджеттен 5,5 млн. сом бөлүнгөн.

Май айынын башында Академия жана Агенттик тарабынан окутуунун графиги макулдашылып, бекитилген. Мамлекеттик заказдын алкагында Бишкек шаарында жана Чүй облусундагы окутуулар Академиянын базасында өтөт. Ал эми региондордогу окутуу курстары аймактык жогорку окуу жайлардын консорциумунун алкагында өткөрүлүүдө: Ош мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университети, Ысык-Көл мамлекеттик университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Нарын мамлекеттик университети, Талас мамлекеттик университети.

2023-жылдын 21-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.Ү. Жапаровдун тапшырмасын аткаруу максатында 20-январдан 21-январына чейин административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын (акимдердин) катышуусунда 40 аким, 11 облустук маанидеги шаар мэрлери семинар-окутуудан өткөрүлдү.

Ошондой эле, мамлекеттик заказдын алкагында 2024-жылдын 13-майынан 23-майына чейин жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын жана шаар мэрлеринин квалификациясын жогорулатуу курстары Бишкек шаарында Академияда жана Ош шаарында Ош мамлекеттик университетинде өткөрүлүп, 40 жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары жана 35 шаар мэрлери окутулду.

Мындан сырткары, 2024-жылдын 27-майынан 30-майына чейин Бишкек шаарында Академияда Чүй облусу боюнча ал эми региондордогу жогорку окуу жайлардын (ОшМУ, ЖАМУ, БатМУ, ЫМУ, НМУ, ТМУ) консорциумунун негизинде Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Талас облустарында 235 айыл

өкмөт башчыларынын квалификациясын жогорулатуу курстары өткөрүлдү. Ошону менен бирге, 2024-жылдын 18-июнунан 27-июнуна чейин жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды башчыларынын экономикалык маселелери боюнча орун басарларынын квалификациясын жогорулатуу курстары Бишкек шаарында Академияда өткөрүлүп, 40 жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын экономикалык маселелери боюнча орун басарлары окутулду. Жалпысынан 2024-жылдын июль айына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги №175-тескемесиндеги Мамлекеттик заказдын алкагында 61 курс өткөрүлүп, 1478 кызматкер окутулду.

Ошондой эле Акылбек Жапаровдун 2024-жылдын 24-июнундагы № 31-22 протоколунун 9-пунктун ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, орун басарларынын, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин, вице-мэрлеринин квалификациясын жогорулатуу курстары өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Президентинин 27 ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, орун басарлары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери, вице-мэрлери окутулду.

Акылбек Жапаровдун 2024-жылдын 8-июлундагы № 31-24 протоколунун 12-пунктун ишке ашыруу максатында Агенттик тарабынан 1009 айыл башчыларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу графиги түзүлүп бекитилген. 2024-жылдын 7-августунан баштап региондордо окутуулар башталып, Баткен, Талас, Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында окутуулар өткөрүлүп, 889 айыл башчылар окутулду.

2024-жылдын октябрь айында Кыргыз Республикасынын тарыхында Кыргыз Республикасынын министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери менен орун басарлары «Инновация жана маалымат технологиялар» темасында окутуу курсунан отүштү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы №527 тескемесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы реорганизация аркылуу статусу калыбына келтирилип, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу менен алектенип 2025-жылдан баштап бакалавр окутуу программаларын токтотушат.

2018-жылдын 6-июнунда түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын (азыркы учурда – Мамкызмат жана ЖӨБ иштери боюнча агенттик) ортосунда адам ресурстарын өнүктүрүү чөйрөсүндө өз ара түшүнүшүү жөнүндө түзүлгөн меморандумдун негизинде, Мамкызмат жана ЖӨБ иштери боюнча агенттиги жана Кытай Эл Республикасынын эл аралык өнүктүрүү жана кызматташтык мамлекеттик агенттиги тарабынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Кытай Эл Республикасына мамлекеттик визитинин алкагында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы адам ресурстарын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү каттарынын алмашуусунун негизинде жыл сайын Кытай Эл Республикасынын ар кайсы шаарларында мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн кыска мөөнөттүү квалификацияны жогорулатуу окуу курстары өткөрүлөт. Бардык окуу курстары Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын Элчилигинин алдындагы соода-экономикалык маселелер боюнча бөлүмдүн колдоосу менен уюштурулууда.

2013-жылдан (COVID 19) коронавирустук инфекцияга чейин 210го жакын кыска мөөнөттүү окуу курстары офлайн жана онлайн режиминде өткөрүлдү. Коронавирустук инфекциянын (COVID 19) жайылышына байланыштуу семинарлар бир жылга токтотулуп, 2021-2022-жылдары онлайн режиминде өткөрүлдү. 2023-жылы окуу курстары офлайн режиминде кайра жанданды,

анда семинарлардын катышуучуларынын саны 100 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди түздү.

2024-жылдын апрелинен баштап Агенттик 300 катышуучудан ашкан 24 топту окууга жөнөттү. 2024-жылдын декабрь айынын аягына чейин 400-500 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу пландаштырылууда, мында мурда ишке ашырылган кыска мөөнөттүү окуу программаларынын санынан 10 эсеге көбөйөт.

Ал эми 2004-жылдын 6-октябрында Бишкек шаарында кол коюлуп жана Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 6-августундагы № 130 Мыйзамы менен ратификацияланган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Япония Өкмөтүнүн ортосундагы техникалык кызматташтык жөнүндө макулдашуунун негизинде, «Кызматкерлерди даярдоо үчүн стипендияларды берүү« (JDS) долбоору Япония Өкмөтүнүн Өнүктүрүү боюнча расмий жардам программасынын алкагында ишке ашырылат.

Окутуу мамлекеттик башкаруу, эл аралык мамилелер, социалдык өнүгүү, тынчтыкты сактоо, региондук өнүгүү, экономикалык саясат, бизнести башкаруу, эл аралык укук, айыл чарба, экология, инфраструктура чөйрөсүндөгү саясат, энергетика жаатындагы саясат, маалыматтык технологиялар жана коммуникация ж. б. чөйрөлөрүндө каралган. Тандоонун бардык этаптары ачык кулактандыруу аркылуу максаттуу мамлекеттик жана муниципалдык органдарга маалымат берүү, англис тилин жана математиканы билүү экзамендерин өткөрүү, Япон ЖОЖдорунун профессорлору жана долбоордун башкаруу комиссиясынын мүчөлөрү менен маектешүү аркылуу ачык жүргүзүлөт.

Окууга жиберүүнүн алдында стипендиатты жиберген мамлекеттик/муниципалдык органдын, стипендиаттын өзү менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин ортосунда өз ара милдеттенмелер жөнүндө үч тараптуу келишим түзүлөт. Бул келишимге ылайык жөнөтүүчү мамлекеттик/муниципалдык орган Японияда окуу мезгилинде стипендиаттын жумуш ордун сактап калууга милдеттенет, ал эми стипендиат кайтып келгенден кийин мамлекеттик же муниципалдык кызмат системасында 3 жыл иштеп берүүгө милдеттенет.

JDS долбоорунун талапкерлерин ар тараптуу баалоо үчүн башкаруу комиссиясы (комиссиянын курамында 9 адам) бар, анын курамына Япониянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси, Кыргыз Республикасындагы Япон эл аралык кызматташтык Агенттигинин башчысы (JICA), Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын үч өкүлү, Агенттиктин директору жана директорунун орун басары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министринин орун басары жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министринин орун басары кирет.

JDS долбоору башталгандан тартып (2006-жылдан 2023-жылга чейин) бардыгы болуп 307 стипендиат долбоордун алкагында окууга Японияга жөнөтүлгөн жана окутулган, анын ичинде магистрдик программанын алкагында 300 стипендиат жана докторантура программасынын алкагында 7 стипендиат. Алардын ичинен кайтып келген стипендиаттардын 60% дан ашыгы мамлекеттик жана муниципалдык кызматта иштөөнү улантышууда. Жетекчилик кызматтарда 50дөн ашык адам иштейт.

2018-жылдан тартып аталган жол-жоболор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан жүргүзүлүүдө. 2006-жылдан 2022-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда аталган тескемелери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ратификациясы жок бекитилгендигин белгилейбиз.


2023-жылы «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык «Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча стипендиялык программа» долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Япония Өкмөтүнүн ортосундагы алмашуу ноталары жана «Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча стипендиялык программа» долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) ортосундагы Гранттык макулдашуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган.

Азыркы учурда Япония Өкмөтүнүн «Адам ресурстарын өнүктүрүү үчүн стипендиялык программа долбоору жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жооп нотасы боюнча кайтарымсыз жардамынын алкагында Гранттык макулдашууну жактыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №415 тескемеси кабыл алынган. Бул макулдашуунун алкагында 19 кызматкерди 2025-2027-окуу жылдарына магистратура жана 1 кызматкерди 2025-2028-окуу жылдарга докторантура программалары боюнча окутуу каралган.

«Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча стипендиялык программа» долбоорун ишке ашыруу үчүн Япония Өкмөтү тарабынан 342,000,000 (үч жүз кырк эки миллион) япон йени (26.06.2024-ж.курсу боюнча 2 144 200$) суммасында грант бөлүнөт.

Ал эми Жаш лидерлер программасы (YLP Япония) Азия жана башка өлкөлөрдөгү келечектеги улуттук лидерлердин өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө багытталган, мындан тышкары, ар кайсы өлкөлөрдүн ортосунда достук мамилелерди түзүүгө жана улуттук лидерлердин арасында Япония жөнүндө түшүнүгүн тереңдетүү аркылуу саясатты пландаштыруу иш-аракеттерин өркүндөтүүгө багытталган Япония Өкмөтүнүн стипендиялык

программаларынын бири. Долбоор башталгандан бери (2003-2023-жж.) саламаттык сактоону башкаруу боюнча 17 стипендиат жана мамлекеттик башкаруу боюнча 10 стипендиат жөнөтүлгөн. 2024-жылы аталган программанын алкагында, Агенттик тарабынан 2024-2025-жылдарга кабыл алуу жүргүзүлгөн. Документтерди кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигине документтерди кароону, аңгемелешүүнү, медициналык текшерүүнү камтыган тандоо этаптарын андан ары өткөрүү үчүн ылайыктуу 6 талапкер сунушталды.




Ошондой эле Ташкент шаарындагы резиденциясы менен Кыргыз Республикасындагы Малайзия Элчилигинен алган Нотасынын негизинде Малайзиядагы техникалык кызматташтык программасынын алкагында Агенттик окуу курстарына кабыл алууну жүргүзөт. Агенттикке жыл сайын КР ТИМ линиясы боюнча орто эсеп менен 25 кыска мөөнөттүү окуу курстары келип түшөт. Курстар тууралуу толук маалымат тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык органдарга жөнөтүлүп, тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлгөн.

2016-жылдан бери Малайзиянын техникалык кызматташтык программасы алкагында 65 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер окутулган.

Агенттик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бириккен Араб Эмираттарынын (БАЭ) Өкмөтүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун алкагында 2021-жылдын 14-декабрында Дубай шаарында өз компетенцияларынын алкагында бир катар иш-чараларды өткөрдү. 2021-жылдан тартып Агенттик БАЭ премьер-министринин кеңсесинин адам ресурстары боюнча түзүмдүк бөлүмүндөгү өнөктөштөр менен биргеликте Кыргыз Республикасынын кызматкерлери үчүн окутуу семинарларын уюштуруу жөнүндө маселени иштеп чыккан. Ошентип, 2022-жылы (онлайн форматта) 5 окуу семинары уюштурулган. Бүгүнкү күндө биринчи жолу жарыяланган жаңы «Жаш лидерлер» программасына тандоонун жыйынтыгы боюнча 25 катышуучу 2024-жылдын январь жана февраль айларында алгачкы 2 модулду онлайн режиминде окуп, 2024-жылдын март айында БАЭнин профессорлорунун жана делегацияларынын катышуусу менен физикалык сессиялар болуп өттү жана алар менен Кыргыз Республикасында «Жаш лидерлер» программасынын расмий ачылышы болду. 2024-жылдын апрелинде бул программа боюнча БАЭге баруу менен 25 катышуучунун экинчи физикалык сессиясы болуп өттү.

Азыркы күндө Акселератор программасынын алкагында, «Келечек» долбоорунун негизинде ишке ашырыла турган «Келечектүү жетекчилер» долбоору каралууда. ВКС режиминде өткөн сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча программанын башталышы 2024-жылдын төртүнчү кварталына белгиленген.

2016-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Корея Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кайтарымсыз жардам жөнүндө алкактык макулдашуунун алкагында Кореянын Эл аралык кызматташтык агенттиги (KOICA) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз

алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерин Кореянын алдыңкы университеттерине магистрдик стипендиялык программаларына жыл сайын кабыл алып келет.

2024-жылдын январынан баштап KOICA кеңсеси тарабынан узак мөөнөттөгү окуу программаларына (магистратура/докторантура) кабыл алуу жарыяланган. Программага кабыл алуу 2 этаптан туруп, 2024-жылдын 10-июлунда эки топтомдун тең жыйынтыгы чыгарылып, жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын 5 мамлекеттик кызматкери тандалып алынган.

KOICA CIAT кыска мөөнөттөгү окутуу программалары боюнча адам укуктары, санариптештирүү, дипломатия, баңгизаттарды жүгүртүүгө каршы күрөшүү сыяктуу  кыска мөөнөттүү окуу курстарына Агенттик тарабынан кабыл алуу ишке ашырылды, алар боюнча 47 мамлекеттик/ муниципалдык кызматчыларды жана мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери Корея Республикасында окуп келди. 2024-жылдын 1–августунда KOICA кеңсеси Агенттик менен биргеликте мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге «Мамлекеттик кызматта коррупцияга каршы иш-аракеттерди ашыруу» темасында семинар өткөрүлгөн.

2024- жылдын 4-сентябрында KOICA кеңсеси Агенттиктин кызматкерлери менен биргеликте Корея Республикасынын ЖОЖдорунда билим алуу жана потенциалды жогорулатуу программалар боюнча офлайн жана аймактардагы мамлекеттик кызматкерлерге онлайн өткөргөн.

Ал эми Сингапур кызматташтык программасынын алкагында 2018-жылдан тартып жыл сайын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн кыска мөөнөттүү окуу курстары уюштурулуп келет. Ар бир курска Кыргыз Республикасынан бир-эки талапкерге гана квота берилет.

Программа башталгандан бери жылына орточо 40тан ашык курстар боюнча Агенттикке маалымат келип түшөт. 2024-жылдын январынан тартып Агенттик тарабынан ар түрдүү тематикалар боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча 32 курс жөнөтүлүп, орто эсеп менен ар бир курска 5-7 талапкер арыз берген.

***«Коомдун өнүккөнү маданиятынын деңгээлине жараша болот. Маданият жок коомдо өнүгүү болбойт, экономикасы өспөйт, саясый институттары өнүкпөйт, социалдык чөйрөсү жылбайт. Баарын маданият чечет».***

***Дмитирий Лихачев, орус академиги, философ.***

## 6-бап
## ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ-БҮГҮНКҮ КҮНДҮН НЕГИЗГИ ТАЛАБЫ

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу максатында алардын ишмердүүлүгүндө заманбап технологияларды колдонуу жана өркүндөтүү-бүгүнкү күндүн негизги талаптардын бири болуп саналат. Бул жаатта Агенттиктин Электрондук башкаруу бөлүмү 2015-2024-жылдар аралыгында алгылыктуу иштерди аткарды.

**«e-Kyzmat»**

2015-жылы «Адам ресурстарын башкаруу» автоматташтырылган маалымат системасы (мындан ары – «АРБ») иштелип чыгып, бул система Адам ресурстарын башкаруу маалыматтык системасы (мындан ары - АРБМС) долбоорунун эки функционалдык модулун камтыйт («Уюштуруу түзүмүн башкаруу», «Персоналды башкаруу»). Кадрдык суроолорду башкаруунун маалымат системасынын негизги максаттары:

- функционалдуулукту жакшыртуу;
- маалыматты натыйжалуу пайдалануу;
- маалыматтардын ишенимдүүлүгүн көзөмөлдөө.

**«АРБ» системасын киргизүү**

Биринчи этаптын ишке ашырылуу мөөнөтү: 2016-жылдын июнунан декабрына чейин. Биринчи этапта системанын эки модулу иштелип чыкты. 2016-жылдын июнь айынан баштап автоматташтырылган система пилоттук режимде төрт пилоттук мамлекеттик органда ишке киргизилди:

- Мамлекеттик кадр кызматы;
- Саламаттык сактоо министрлиги;
- Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттик;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик.

Экинчи этаптын жыйынтыгы боюнча системага 27 мамлекеттик орган туташтырылды.

АРБМС долбоору функционалдык модулдар менен толукталып,

«e-Kyzmat» бренддик атына ыйгарылат. «e-Kyzmat» автоматташтырылган системасы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин бирдиктүү базасын түзүп, адам ресурстарын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат өтөөнүн бардык этаптарында натыйжалуу башкарууну камсыздоого багытталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы № 120 токтому менен «e-Kyzmat» тутумунун жобосу бекитилген.

Бүгүнкү күндө бул система бардык мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, анын ичинде алардын ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүндө ишке киргизилип, ийгиликтүү иштеп жатат.

## E-KYZMAT: МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАНЫН НЕГИЗИ МАКСАТЫ



- Кызмат өтөө процессерин санариптештирүү менен кадраларды башкаруунун сапатын жогорулатуу;
- Кызмат өтөөнүн баардык этаптарында кадрдык маселелерди электрондук форматта чечүүнүн бирдиктүү механизмин түзүү
- Персонал жөнүндөгү маалыматтарды топтоо? иштетүү? колдонуу жана алмашуу функцияларын автоматтвштыруу
- Маалыматтарды бир жолу киргизип аны көп жолу пайдалануу принциби? маалыматты иштеп чыгуудагы тездик
- Мамлекеттик жана муницпалдык кызматчылардын бирдиктүү базасы

<u>**«e-Kyzmat» АМС 11 модулду камтыйт:**</u>

**1. Уюштуруу түзүмү.** Бул модуль мамлекеттик органдын уюштуруу түзүмүн, кызмат орундарын жана штаттык бирдиктерин түзүүгө, аны мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын бекитилген реестри менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

**2. Персоналды башкаруу.** Бул модулда кызматкердин электрондук өздүк иши, тажрыйбанын ар кандай түрлөрүн эсептөө үчүн функционалы, квалификацияны жогорулатуу, сыйлыктар, класстык чиндер жана кызматкерлерге тиешелүү буйруктар жөнүндө маалыматтар камтылат.

**3. Конкурстук тандоо.** Бул модулда резервтерге (мамлекеттик орагандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын ички резервтери) кабыл алууга тандоо жарыялоо, кызмат орунга талаптарды белгилөө, тестирлөөгө катышуу үчүн арызды электрондук түрдө берүү жана тандоонун этаптарын башкарууну камсыз кылат.

**4. Кадрлар резерви.** Кыргыз Республикасынын Регионалдык жана Муниципалдык резервтерине тандоо жарыялоо, талаптарды белгилөө, тандоонун этаптарын башкаруу, тандоонун жый-

ынтыгын чыгаруу, резервисттердин жана конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн өздүк кабинети.

**5. Дистанттык окутуу.** Кызматкерлердин муктаждыктарын аныктоо, контингентти жана окутуунун темаларын пландаштыруу, ордунда дистанттык окутууну уюштуруу, материалды өздөштүрүүсүн баалоо, электрондук сертификатты иштеп чыгуу.

**6. Электрондук штаттык ыраттама.** Бюджеттик пландаштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын каржы министрлигине органдын штаттык ыраттамасынын маалыматтарын автоматтык түрдө өткөрүп берүү үчүн «e-Kyzmat» АМС ар бир мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар үчүн электрондук штаттык ыраттама автоматтык түрдө түзүлөт.

**7. Сынак тестирлөө.** Бул мамлекеттик жана муниципалдык кызматка талапкерлердин компетенттүүлүгүн жана интеллект деңгээлин аныктоого багытталган кадрларды тандоонун автоматташтырылган системасы болуп саналат. Компьютердик тестирлөө электрондук түрдө өтөт, каттоо «Face ID» аркылуу жүргүзүлөт.

**8. Мамлекеттик кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо.** Мамлекеттик орган менен бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн пландоо, кызматкердин ишмердүүлүгүн пландоо, жетишкендиктерин өз убагында жана адилеттүү баалоо, кызматкерлердин аткарылган иштер боюнча отчет түзүүсү, түзүмдүк бөлүмдүн жана мамлекеттик органынын иш планынын аткарылышы боюнча отчетту түзүү.

**9. Колдонуучунун жеке кабинети.** Колдонуучулар үчүн ыңгайлуулуктарды түзүү максатында персоналдык башкаруу кызматтарынын кызматкерлери киргизген маалыматтарга жетүү, эмгек стажын эсептөө, мамлекеттик органдар менен конкурстук тандоо процесстеринде электрондук өз ара аракеттенүү жана башка мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

**10. Электрондук эмгек китепчеси.** Пайдалануучуларга эмгек ишмердиги жөнүндө маалыматтарды киргизүү жана эмгек китепчесин киргизүүнүн электрондук форматына өтүү үчүн эмгек

стажы жөнүндө зарыл болгон кыскача маалыматтарды эсептөө жолу менен, кагаз версиясын жүргүзбөстөн (же ошол эле учурда киргизүү менен) ыңгайлуу шарттарды түзүүгө арналган.

**11. Аналитикалык блок.** Кызматкерлер тууралуу маалыматтарды топтоо жана талдоо үчүн колдонулат, бул жетекчиликке чечим кабыл алууда жардам берет. Ал персонал боюнча маалыматтарды берет, мисалы, ким иштеп жаткандыгы, иш стажы жана кандай жыйынтыктарга жетишкендиги жөнүндө. Бул блок командадагы ишти жакшыртуу же жаңы кызматкерлерди тартуу боюнча алдын ала божомолдорду түзүүгө жардам берет. Анын жардамы менен тез арада отчетторду түзүп, кадрлар боюнча жалпы көрүнүштү көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**«e-Kyzmat» автоматташтырылган маалыматтык системасындагы иш-аракеттер боюнча маалымат**





«e-Kyzmat» системасын жайылтуунун динамикасы:

«e-Kyzmat» тутуму «Infodocs» документ жүгүртүү тутуму менен интеграцияланып, эки тутум тыкыз иштейт. Ушуга байланыштуу 2022-жылдан тартып «e-Kyzmat» тутумуна өлкөнүн коммерциялык уюмдары да кошулуп башташкан.

Үзгүлтүксүз негизде жаңы колдонуучулар боюнча маалыматтар чогултулуп, онлайн окутуу семинарлары өткөрүлүп, тутумда

143 979 кызматчылардын маалыматтары санариптештирилген, алардын ичинен 23 464 мамлекеттик кызматкер, 10 700 муниципалдык кызматкер жана 109 815 мамлекеттик жана муниципалдык кызмат категориясына кирбеген кызматкерлер.

**«e-Kuzmat» системасына кошулган мамлекеттик органдар жана санариптештирилген кызматкерлердин стасистикасы:**




## «Санарип аймак»

Кыргыз Республикасынын Президентинин «2019-жылды региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу жана чарба китебин санариптештирүү максатында, Агенттик «Инфоком» мамлекеттик ишканасы менен биргеликте «Санарип аймак» автоматташтырылган маалыматтык системасын иштеп чыгып, 2020-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын туташтырган. Бул системада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тууралуу кыскача маалыматтар, курамы, ошондой эле анын аймагында жашаган үй-бүлөлөрдүн жашаган деңгээли жөнүндө маалыматтар камтылат.

«Санарип аймак» системасынын негизги максаты – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү жаатындагы адистердин ишин автоматташтыруу болуп саналат.

Азыркы кезде системанын 5 модулу жайылтууда:

- Чарба китеби;
- ЖӨБО паспорту;

- Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн социалдык паспорту;
- Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестри;
- Муниципалдык менчикте турган жер участокторун жеке турак жай курууга жана ижарага берүүнүн кезектүүлүгү .

ЖӨБ тарабынан «Түндүк» аркылуу электрондук маалымат алмашууну камсыз кылуу максатында, Агенттик мамлекеттик органдар менен келишимдерди түзгөн: Мамлекеттик жер ресурстары агенттиги, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, Мамлекеттик салык кызматы, Мамлекеттик каттоо кызматы, Социалдык фонд, Саламаттык сактоо министрлиги, Мамлекеттик ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук инспекциясы.




2023-жылдын 10-майынан тартып жыл аягына чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте акция уюштурулуп, жер жерлеринде системага каттоо иштери жүргүзүлгөн.

*«Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом таза болот».*

*Исхак Раззаков*

## 7-бап
## ТЕСТИРЛӨӨ ТАТЫКТУУЛАРДЫ ТАНДАЙТ

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 2021-жылдын 27-октябрынан тартып күчүнө кириши менен кадрлардын резервдери аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматка тандоо системасы өзгөртүлгөн. «Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштетүүнүн тартиби жөнүндө» жобо менен мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын резервдерине тандоонун жаңы тартиби бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервин түзүү жана иштетүү жөнүндө» Жарлыгына ылайык, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн компьютердик тестирлөөнү өткөрүү маселелери жөнүндө» Агенттиктин буйругу бекитилген, анда мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кадрлардын ички резервин түзүү боюнча конкурстук тандоонун экинчи этабынын - компьютердик тестирлөө этабынын тартиби жана процесси жазылган.

Аталган буйруктун негизинде кызмат орундарынын башкы, улук жана кенже топтору үчүн негизги тесттин ченемдик укуктук актыларынын тизмеси иштелип чыккан. Мамлекеттик орган-

дардын, ЖӨБ органдарынын жана талапкерлердин ыңгайлуулугу үчүн бул тизме Агенттиктин сайтында да жайгаштырылган. 2022-жылдын октябрында Агенттиктин ведомстволук сайтында (mkk.gov.kg) «сынамык тест» кошумча модулу жайгаштырылган, ал жарандарга онлайн тестирлөөдөн өтүүгө мүмкүнчүлүк берет, анда ар бир адам өзүнүн компьютери же смартфону аркылуу Агенттиктин ведомстволук сайтына кирип, сынамык тестирлөөдөн акысыз өтө алат. «Сынамык тестирлөө» модулунун суроолору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы, улук жана кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмесинин негизинде түзүлгөн, бул конкурстун катышуучуларына компьютердик тестирлөөнүн жол-жобосун сынап көрүүгө жана Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамдары боюнча өздөрүнүн даярдыгын текшерүүгө максималдуу мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле тестирлөө процессин жакшыртуу максатында төмөнкү буйруктар бекитилди:

- «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин Тестирлөө бөлүмүндө (борборунда) жана региондор аралык башкармалыктарда компьютердик тестирлөө өткөрүү маселелери жөнүндө».
- Компьютердик тестирлөөнү өткөрүү боюнча нускама;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин видеобайкоо тутумунун, Тестирлөө бөлүмүнүн (борбо-

рунун) жумушчу станциясынын жана региондор аралык башкармалыктардын жабдууларын техникалык тейлөө боюнча регламент.

Ачык-айкындуулукту камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын алкагында Агенттик тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүнү каалаган студенттер үчүн «ачык эшиктер күнү» өткөрүлүп турат. Мисалы, 2024-жылдын май айында Б. Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин биринчи курсунун студенттерине, сентябрь айында Ош мамлекеттик университетинин студенттерине Тестирлөө бөлүмүндө (борборунда) тестирлөө процесси менен таанышуу максатында экскурсия өткөрүлдү. Бул иш-чаранын максаты мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кадрларды тандоо процессинин транспаренттүүлүгүн көрсөтүү болуп саналат.

Агенттиктин башкы функцияларынын бири мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоо үчүн ат салышып жаткан талапкерлерди тестирлөөдөн өткөрүү жана уюштуруу болуп саналат.

Тестирлөөнүн төмөнкү түрлөрү боюнча иш жүргүзүлөт:

1) жалпы мыйзамдарды билүүсүн тестирлөө (негизги тест);

2) предметтик мыйзамдарды билүүсүн тестирлөө (предметтик тест);

3) талапкердин кесиптик маанилүү инсандык сапаттарын аныктоого тестирлөө.

Агенттиктин Тестирлөө борборунун филиалдары өлкөнүн бардык облустарында жана айрым алыскы аймактарында иш алып барууда:

1. Бишкек шаары (37 комп.);

2. Ош шаары (17 комп.);

3. Каракол шаары (22 комп.);

4. Нарын шаары (13 комп.);

5. Талас шаары (9 комп.);

6. Жалал-Абад шаары (13 комп.);

7. Баткен шаары (9 комп.);

8. Токтогул шаары (6 комп.);

9. Ала-Бука айылы (6 комп.).

Тестирлөө борборунун ар бир филиалында жооптуу кызматкерлер күн сайын график түзүп, компьютердик тестирлөө өткөрүп турушат.

Маалымат үчүн айтсак, 2023-жылы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды аттестациялоодо тестирлөөгө 7539 адам билдирилген, алардын ичинен 6779 кызматкер тестирлөөдөн өткөн. 2024-жылдын жарым жылдыгында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды аттестациялоодо тестирлөөгө 2043 адам арыз берген, алардын ичинен 1629 кызматкер тестирлөөдөн өткөн. Компьютердик тестирлөөнүн жыйынтыктары дайыма Агенттиктин ведомстволук сайтында шаарлар боюнча жана тесттик иш-чараларды өткөрүү датасы боюнча жайгаштырылат.

Агенттиктин аймактык өкүлчүлүктөрүндө компьютердик тестирлөө боюнча бардык жооптуу кызматкерлер менен туруктуу өз ара аракеттенүү жүзөгө ашырылат. Агенттик кошумча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) суроо-талабы боюнча мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды билүүсү боюнча тестирлөө өткөрүлдү. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча негизги укуктар жана эркиндиктер чөйрөсүндөгү мыйзамдарды билүүсүнө 2975 кызматкер өттү. Аттестациядан өткөндөрдүн ичинен босого балды 503 (16,9%) кызматкер алган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Жеке маа-

лыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин суроо-талабы боюнча 575 кызматкер жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды билүүсү боюнча тестирлөө өткөрүлгөн. Агенттик менен «Кумтөр Голд Компани» ЖАК компаниясынын ортосунда түзүлгөн келишимдин алкагында 430 катышуучу үчүн тестирлөө өткөрүлдү.

Агенттикте туруктуу негизде маселелердин маалымат базасы иштелип чыгат жана жаңыланып турат. Азыркы учурда тестирлөө базасында 9000ден ашуун (предметтик, негизги жана логикалык) активдүү суроолор бар. 2022-жылдын 24 - августундагы Агенттиктин №200 буйругу менен логикалык суроолорду иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Бул топ тарабынан суроолорду иштеп чыгуу жана жаңылоо боюнча иштер дайыма жүргүзүлүп турат, алар мамлекеттик тилге которулуп, сыноодон өткөндөн кийин тесттик суроолордун базасына жүктөлөт. Азыркы учурда тестирлөө базасында мамлекеттик жана расмий тилдерде 260 логикалык суроо бар. Мындан тышкары, кызмат орундарынын топторунун башкы, улук жана кенже категорияларына «сынамык тестирлөө» үчүн ар бир топ үчүн өзүнчө мамлекеттик жана расмий тилдерде 130 суроо иштелип чыккан.

Талапкердин кесиптик маанилүү инсандык сапаттарын аныктоого тестирлөөнүн кошумча түрүн киргизүүдө, ал кесиптик маанилүү сапаттардын өнүгүү деңгээлин, ошондой эле талапкердин психологиялык жана психофизиологиялык касиеттерин комплекстүү баалоого мүмкүндүк берет. Бул үчүн Агенттик мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамга ылайык 2 даана өлчөмдөгү «Мультипсихометрлерди» сатып алган. Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча окутуунун алкагында биринчилерден болуп (пилоттук режимде) жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары (акимдер) жана облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрлери психологиялык тестирлөөдөн өтүштү. Ошондой эле, психологиялык тестирлөө айыл өкмөттөрдүн бардык башчыларына карата жүргүзүлүүдө.

КР «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 2021-жылдын 27-октябрынан тартып күчүнө кириши менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматка тандоо системасы өзгөртүлгөн. Конкурстар дайындоодон кийин келип чыккан мамлекеттик жана муниципалдык органдардын Кадрлар резервине киргизүү үчүн гана өткөрүлөт. Буга чейин полиграф тестирлөө белгилүү бир бош кызмат орундарына конкурс өткөрүүдө, аңгемелешүү процедурасына чейин өткөрүлгөн.

Полиграфта тестирлөөдөн өтүүнү караган кызмат орундарынын тизмеси Агенттик менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан аныкталат.

## 8-бап

## ТҮШТҮК ЖАНА ТҮНДҮК АЙМАКТАР АРАЛЫК БАШКАРМАЛЫКТАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Түштүк аймактар аралык башкармалыгы (Ош, Баткен, Жалал-Абад облустары боюнча) жана Түндүк аймактар аралык башкармалыгы (Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй облустары жана Бишкек шаары боюнча) мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты өркүндөтүүнү камсыз кылуучу аймактык түзүмдөрү болуп саналышат. Башкармалыктардын негизги милдеттери:

1) мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү;

2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу;

3) мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук жана финансы-экономикалык негиздерин бекемдөөгө көмөктөшүү.

Бош административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө боюнча конкурстарды өткөрүүдө коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу максатында Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын жана Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын Тестирлөө филиалдары уюштурулуп, конкурстук тандоодо компьютердик тестирлөө киргизилген. Бүгүнкү күнгө чейин Тестирлөө борборунун филиалдары аркылуу бош административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди аттестациялоо процедуралары өтүп келет. Азыркы учурда бардык мамлекеттик жана муниципалдык органдарда бош административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоо өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары менен жүргүзүлөт.

Тестирлөө борборунун жана анын филиалдарынын ишке киргизилиши мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына сынактарды өткөрүүдө коррупцияга бөгөт коё турган эң жакшы методдордун бири болуп калды жана бул метод иш жүзүндө жакшы жетишкендиктерди көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 30-майында жаңы мыйзам кабыл алынган. Аталган мыйзам мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кабыл алуу системасын, кызматчылардын натыйжалуу, жемиштүү жана жоопкерчиликтүү иштешине көмөктөшүүчү материалдык жана материалдык эмес кызыктыруу механизмдерин өркүндөтүүгө багытталган.

Эгерде мурда мыйзамдарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды өткөрүүдө айырмачылыктар болсо, азыркы учурда бул карама-каршылыктар жоюлган. Мамлекеттик жарандык кызмат менен муниципалдык кызматтын статусу теңдештирилди, башкача айтканда, мамлекеттик кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары бирдей болуп саналат.

Бул мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын бекитилген Бирдиктүү реестринде чагылдырылган, алардын ортосунда ротация жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, ошол эле учурда эки кызматта тең иштеген стажы бирдей эске алынып, эмгек акы төлөөгө бирдиктүү мамиле түзүлдү.

Аймактарда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөлөрүндө бирдиктүү кадр саясатынын, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинде башкаруу системасынын өнүктүрүлүп жүргүзүлүшү, кызматчылардын мамлекеттик жана муниципалдык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо маселелеринин чечилиши эң негизги жетишкендиктер болуп калды.

Ошондой эле көптөгөн кыйынчылыктарга карабай мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди кызматка алуу конкурстук жол менен жүргүзүлүшүн, класстык чендерди ыйгарууда бирдиктүү системанын киргизилишин, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин аттестациялоо жана квалификациялык экзамендерди тапшырууларын камсыздоо маселелери чечилди.

Мындан сырткары мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча, ошондой эле алардын иш натыйжаларын баалоо системалары ишке киргизилди.

Конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат гезитке жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайтында же болбосо баш-

ка расмий жалпыга маалымдоо каражаттарына, ошондой эле мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын веб-сайтында берилет.

Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын жана Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөлөрүндө негизги иш багыттары ийгиликтүү өнүгүп жатат. Атап айтсак:

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, муниципалдык жана ички резервдери: мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына кадрларды тандоо системасын кадрдык резервдерди түзүү жолу менен камсыз кылуу;
- мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын потенциалын жогорулатууну уюштуруу;
- мамлекеттик башкарууда, жергиликтүү өз алдынча башкарууда, персоналды башкарууда жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу жаатында эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашыруу;
- мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүү;
- мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта кадрдык процесстерди камсыз кылуу үчүн заманбап санариптик технологияларды киргизүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын ишмердүүлүгүн санариптештирүү жана санариптик технологияларды колдонууну жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү боюнча көмөк көрсөтүү.

Түштүк аймактар аралык башкармалыгы жана Түндүк аймактар аралык башкармалыгы тарабынан пландалган мониторингдер жүргүзүлүп турат. Мониторинг мезгилинде мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилигине Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын жаңы Жоболорунун талаптарын сактоо боюнча семинарларда кенен түшүндүрүлүп, жеринде тиешелүү усулдук жардамдар берилип, мониторинг жүргүзүлгөн ар бир мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгиленген кемчиликтерди жоюу максатында мыйзамдардын талаптарына ылайык оңдоо жагы сунушталат.

Административдик-аймактык реформадан кийин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө» № 52 токтомуна ылайык кызматчылардын дайындалуусу да каралып, айыл өкмөттүн түзүмү жана функционалдык милдеттери, дайындоолор жана кыскартууга дуушар болгондордун резервге кабыл алынуусу боюнча түшүндүрмөлөр берилип келет.

Мониторинг жүргүзүлгөн бардык мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөлөрүндөгү мыйзамдуулуктун сакталышы боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы тууралуу маалымкат даярдалып жиберилип, сунуштардын аткарылуусуна 1 ай мөөнөт берилип, анын аткарылышы Башкармалыктардын көзөмөлүндө турат.

Башкармалыктар өткөргөн семинарлар жөнүндө чакан маалымат. Түндүк аймактар аралык башкармалыгы тарабынан «Эстониянын мисалында административдик реформага даярдык көрүү жана аны ишке ашыруу, 5 жылдан кийин-азыркы кырдаал» аталышындагы семинар, мамлекеттик жарандык кы-

змат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү укуктук-ченемдик актылар тууралуу талкуулоо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер арасында спорттук мелдештер, «Жаштардын климаттын өзгөрүшүнө туруштук берүүсү - жашыл климат» темасында тегерек стол, мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадр иштерине жооптуу мамлекеттик кызматчыларына жана персоналды башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу кызматчыларына Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү жаңы кабыл алынган укуктук ченемдик актылар жөнүндө анын ичинен административдик-аймактык реформанын алкагында кабыл алынган мыйзамдар жана ошондой эле эмгек мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдик актылар жөнүндө окутуу семинар жана башка иш-чаралар өткөрүлдү.

Ал эми Түштүк аймактар аралык башкармалыгы тарабынан Ош облусунун Араван районунун А.Анаров атындагы айыл өкмөтүндө муниципалдык кызмат көрсөтүүгө багытталган республикалык семинар уюштурулуп, катышуучулар айыл өкмөттүн алдыңкы тажрыйбалары менен таанышты. Ош шаарында Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин бүтүрүүчүлөрү үчүн «Мамлекеттик кызматка жайгашуунун өзгөчөлүктөрү» аталышындагы иш-чара өтүп, Агенттиктин Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын адистери мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүү жана өтөө боюнча атайын слайд менен баяндап беришти. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Майдан айыл өкмөтүндө «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында муниципалдык ишкана ачуу» деген аталышта семинар болуп, иш-чарада ЖӨБ союзунун өкүлдөрү «Муниципалдык ишкананын ишин уюштуруу» деген темада окутуу уюштурушуп, анда муниципалдык ишкананы ачуу, анын укуктук жана уюштуруучулук иштери менен тааныштырышып, аягында ар бир катышуучуга муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча усулдук колдонмо таркатылды.

Айыл өкмөттөр ирилештирилгендигине байланыштуу «Абад» коомдук фонду «Хельветас» уюмунун колдоосу менен Ош жана Жалал-Абад облустарында жаңыдан ирилештирилген айыл өкмөттөргө жер-жерлерде муниципалдык ишканаларды түзүүгө, ички ирригация тармагын мыйзамдарга ылайык башкарууга жана каржылоого багытталган «Муниципалдык менчиктеги ички чарбалык ирригациялык курулуштарды каржылоо» аттуу темадагы тегерек стол уюштурулду.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жаңыдан дайындалган айыл башчылардын квалификациясын жогорулатуу боюнча окутуу семинарлары Лейлек жана Баткен райондорунда өткөрүлдү. Агенттик уюштурган бул семинарга аталган райондордун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында келишим негизинде иштеп жатышкан айыл башчылар катышты. Ушундай эле семинарлар Ош жана Жалал-Абад облусунда да өткөрүлдү.

Түштүк аймактар аралык башкармалык тарабынан Баткен, Жалал-Абад облустарында Агенттиктин 20 жылдыгына жана Кара Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына карата «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү алгылыктуу иштер» аттуу темада тегерек стол өткөрүлүп, семинарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кошкон салымдары үчүн эмгектин алдыңкылары Агенттиктин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги» төш белгиси жана «Ардак грамоталары» менен сыйланышты.

Агенттиктин 20 жылдыгына жана Кара Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына карата 2022-жылдын жыйынтыгы менен тоолуу айыл өкмөттөрдүн ичинен республикада «Мыкты айыл өкмөт» аттуу мамлекеттик сынакта 2-орунду ээлеген Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айыл өкмөтүндө «Жергиликтүү маанидеги маселелерди аткаруу боюнча» деген темада облустук семинар, жана башка көптөгөн иш-чаралар өткөрүлгөн.

## 9-бап

# ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАР ЗАМАНБАП ШАРТТАРГА ШАЙКЕШ БОЛУУСУ КЕРЕК

Агенттиктин Укуктук камсыздоо бөлүмү тарабынан ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугун, заманбап шарттарга жана стандарттарга шайкештигин жогорулатуу үчүн аларды актуалдаштырууга жана модернизациялоого багытталган ченемдик базаны өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул - колдонуудагы ченемдерди кайра карап чыгуу жана жаңылоо, жаңы эрежелерди киргизүү, мыйзамдардагы кенемтелерди жана коллизияларды четтетүү, ошондой эле жаңы социалдык-экономикалык реалдуулукка көнүү.

Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамдарын, 2021-жылдын 21-январындагы №2 «Жаңы мамлекеттик кадр саясаты жөнүндө» КР Президентинин 2023-2025-жылдарга карата «Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясын бекитүү жөнүндө» 2023-жылдын 2-февралындагы Жарлыктарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-декабрындагы 699-р буйругунун алкагында Агенттик тарабынан 2023-жылы 57 ченемдик укуктук актылардын (ЧУА) долбоору, ошондой эле КР Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан демилгеленген мыйзам долбоорлоруна КР Министрлер Кабинетинин буйруктарынын 3 долбоору, КР Министрлер Кабинетинин корутундуларынын 9 долбоору иштелип чыкты.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында 2023-2025-жылдарга кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча активдүү иштер жүргүзүлүүдө. Бир катар ченемдик укуктук актылар кабыл алынды:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 9-августу

№ 187 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө» Жарлыгы;

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 18-октябры

№ 262 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын карьералык пландоосу жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» Жарлыгы;

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 2-февралы

№ 22 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аппарат жетекчилеринин «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча ишин баалоо методикасын бекитүү тууралуу» Жарлыгы;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын

4-декабры № 637 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында насаатчылык жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» токтому.

Агенттикке Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн 2023-2025-жылдарга карата Мамлекеттик Стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын 1 жана 8-пункттарына ылайык Мамлекеттик жарандык

кызмат жана муниципалдык кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын укуктук абалын жакшыртуу боюнча жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырылган.

2024-жылдын 30-июлунда № 156 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Стратегияны ишке ашыруу боюнча тиешелүү өзгөртүүлөрдү кароочу Мыйзамы кабыл алынды.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамда кадрдык резервди (муниципалдык, региондук) түзүү жана аларды акимдерди, алардын орун басарларын, республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарлардын мэрлерин жана алардын орун басарларын, ошондой эле айыл өкмөттөрүнүн башчыларын дайындоодо пайдалануу каралган. Кадрдык резервди сапаттуу түзүү жана «жогорку звено» кызмат орундарын ээлөөгө татыктуу квалификациялуу адистерди тандоо маселесинин маанилүүлүгүн изилдөө менен, ошондой эле кадрдык резервди түзүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, жогоруда аталган мыйзам менен мамлекеттик башкаруу системасында оптималдуу карьералык лифтти түзүү максатында Мыйзамдан «региондук» жана «муниципалдык» деген сөздөр алынып салынды. Эске салсак, мамлекеттик жана муниципалдык кызматка квалификациялуу кадрларды тартуу максатында райондордун акимдеринин, алардын орун басарларынын, шаарлардын мэрлеринин, айыл өкмөт башчыларынын кызмат орундарына жарандардын жетүүсүн жеңилдетүүчү механизмдер каралган.

Ошентип, квалификациялык талаптарга, ошондой эле акимдин, анын орун басарларынын, шаардын мэринин жана өкмөт башчысынын кызмат орундарындагы иш стажы бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизилди, бул резервден дайындоодо тандоого, ошондой эле мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат тутумунда чоң практикалык тажрыйбага ээ болгондугуна карабастан жетекчи кызмат орундарында иш стажы жок квалификациялуу кадрларды тартууга мүмкүндүк берет. Ошентип, кесипкөй мамлекеттик кызматты куруу боюнча иштер жүрүп жатат.

Ошондой эле 2024-жылдын 27-августунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өркүндөтүү максатында «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом кабыл алынган. Аталган токтом менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун топтоо системасы киргизилген.

Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча укуктук колдоо көрсөтүү секторунун ишмердиги жөнүндө маалымат.

Сектор өзүнүн ишмердүүлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгып, аларды турмушка ашыруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

Сектордун түзүлгөндүгүнө 2 жылдын жүзү болгондугуна карабастан, ЖӨБ тармагында бир топ ченемдик укуктук актыларды иштеп чыккан.

2022-жыл ичинде ЖӨБ маселелери боюнча жалпысы 28 ченемдик укуктук актылар, анын ичинде 11 мыйзам долбоору, Президенттин Жарлыгынын 5 долбоору, Министрлер Кабинетинин токтомунун 12 долбоору иштелип чыгып, жыл ичинде

3 мыйзам, Президенттин 2 жарлыгы, Министрлер Кабинетинин 9 токтому кабыл алынды.

Мындан сырткары Министрлер Кабинетинин 4 тескемеси иштелип чыгып, кабыл алынды.

2022-жылы калктуу конуштарга айыл макамын берүү, айыл конуштарынын, административдик аймактык бирдиктердин аталыштарын өзгөртүп, атоо боюнча олуттуу иштер жүргүзүлүп, сектор бул ишке активдүү катышты.

Жыл ичинде жергиликтүү коомдоштуктарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук практикалык жардам катары Агенттиктин буйругу менен 8 усулдук колдонмолор бекитилди.

Ошондой эле, тарыхта буга чейин болуп көрбөгөн «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарында жана шаарларында түздөн-түз мамлекеттик башкарууну жана анын режимин киргизүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 14-июнундагы № 183 Жарлыгы иштелип чыккан.

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын айыл аймактарында жана шаарларында түздөн-түз башкарууну жана анын режимин киргизүү, ошондой эле мындай тартипти жокко чыгаруу тартибин аныктайт, мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жүзөгө ашырылат.

Түздөн-түз мамлекеттик башкаруу - башкаруунун мындай формасын киргизүүгө тиешеси бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин токтото туруу менен тиешелүү айыл аймактарында жана шаарларда Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан киргизилүүчү жергиликтүү жамааттын ишин башкаруунун өзгөчө формасы болуп саналат.

Ал эми 2023-жыл ичинде ЖӨБ маселелери боюнча Агенттик тарабынан 29 ченемдик укуктук актылардын долбоорлору иштелип чыгып, кабыл алынган.

2023-жылда Ысык-Көл облусунун Түп районунда жана Нарын облусунда болуп өткөн административдик-аймактык реформанын алкагында сектор тарабынан «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айылдык кеңештердин ишин уюштуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 87 Жарлыгы, «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө» КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы № 177 токтому, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы № 177 «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору (24.07.2023 № 359 токтому), «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик менчиктеги жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 токтому кабыл алынган.

Ал эми 2024-жылдын 10 айы ичинде сектор тарабынан төмөнкү ченемдик укуктук актылар иштелип чыккан.

Мындан сырткары, сектор тарабынан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында төмөнкү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору иштелип чыкты.

- Административдик-аймактык реформанын алкагында 14 мыйзам актысына өзгөртүү киргизилди. («Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР 2024-жылдын 29-июлундагы №152 Мыйзамы)

Учурда аталган Мыйзамды турмушка ашыруу максатында, сектор тарабынан тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору иштелип чыгып, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилүүдө.

- «Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу» КР Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы;
- «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө» КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтому жана башка ченемдик укуктук актылар.

Административдик-аймактык реформанын алкагында сектордун кызматчылары тарабынан ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун гана иштеп чыкпастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен, жергиликтүү жамааттар менен жер-жерлеринде жолугушуулар уюштурулуп, методикалык, укуктук жактан тиешелүү жардамдар берилип, окутуулар өткөрүлгөн.

Мындан сырткары, административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына эмгек келишиминин негизинде кызматка дайындалган кызматкерлердин айлык акысын жогорулатуу максатында, КР Мини-

стрлер Кабинетинин тиешелүү чечиминин долбоору иштелип чыгып, 2024-жылдын 12-июлундагы № 381 токтому кабыл алынган.

Буларга кошумча, сектор тарабынан «административдик-аймактык рефоманын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 29-июлундагы № 152 Мыйзамы иштелип чыгып, ал Мыйзам менен 4 кодекске, 10 мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген.

Аталган Мыйзамды турмушка ашыруу максатында, сектор тарабынан төмөнкү ченемдик укуктук актылар иштелип чыгып, мамлекеттик органдар менен макулдашуудан өтүп, КР Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизилген:

1. «Айыл башчысы кызмат ордуна квалификациялык талаптар, критерийлер жана анын негизги милдеттери жөнүндө типтүү жобону бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыгып, 2024-жылдын 27-сентябрында № 01-4/802 сандуу каты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилип, техникалык оңдоп-түзөтүүлөргө муктаж болгондуктан кайра кайтарылып, толукталып иштеп чыгып, 2024-жылдын 1-октябрында № 01-4/813 сандуу каты менен кароого киргизилген;

2. «Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 735 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыгып, 2024-жылдын 27-сентябрында № 01-4/803 сандуу каты

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилген;

3. «Кызматтык ишин туруктуу негизде жүзөгө ашырган, жергиликтүү бюджеттен эмгек акы алган маданият кызматкерлерин кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыгып, 2024-жылдын 4-октябрындагы № 01-4/829 сандуу каты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилген;

Учурда «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу максатында, аксакалдар сотторунун статусун көтөрүү үчүн, алардын иш тартибин жөнгө салуу негизинде, сектор тиешелүү эксперттердин катышуусу менен аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин жана аксакалдар сотторунун Кеңешинин жобосунун долбоорлору иштелип чыгып жатат.

Ошондой эле, аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн окутуу максатында тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө.

Сектор ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуудан башка да жумуштарды аткарат.

Мисалы, Жогорку Кеңеш депутаттары тарабынан иштелип чыккан мыйзам актыларын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий корутундусунун долбоорун даярдайт;

Жарандарга, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө, жергиликтүү жамааттарга тиешелүү маселелер боюнча методикалык, укуктук жактан консультация берет. Ошондой эле Агенттиктин кызматкерлерине ЖӨБ маселелери боюнча окутууларды жүргүзүп, консультацияларды берип келет.

## 10-бап
# КОРРУПЦИЯНЫ БОЛТУРБОО БОЮНЧА ДЕМИЛГЕЛЕР ЖАНА АРАКЕТТЕР

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, жана башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди, жалпы таанылган принциптерди жетекчиликке алат жана эл аралык укуктун ченемдерине, 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 Агенттик жөнүндө жобого жана Коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө жобого ылайык иш алып барат.

Тактап айтсак, ыйгарым укуктуу өкүл төмөнкүдөй иштерди аткарат:

- коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана тескөө;
- кызыкчылыктардын кагылышынын келип чыгышына шарт түзгөн себептерди жана шарттарды аныктоо жана чечүү боюнча иштерди жүргүзүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин этикалык стандарттарын жана жүрүм-турум үлгүлөрүн жана ак ниет башкаруу принциптерин ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү;
- аймактык башкармалыктардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларына, анын ичинде «ишеним телефондору» жана электрондук почта аркылуу келип түшкөн кайрылууларына, аларда коррупциялык көрүнүштөр жөнүндө маалыматтардын болушуна талдоо жүргүзүү;

- кызматтык териштирүү жүргүзүү, кызыкчылыктардын кагылышуусунда Агенттиктин кызматкерлерин кароо боюнча комиссиялардын, ошондой эле этика боюнча комиссиялардын жана конкурстук комиссиянын ишине катышуу.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 570 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясын турмушка ашыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул үчүн аталган Концепцияны ишке ашыруу жаатында Агенттиктин иш-чаралар планы иштелип чыгып бекитилген. Аткарылган иштер жыйынтыкталып, квартал сайын Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына отчет берилип турат.

Улуттук коопсуздук концепциясын ишке ашыруу боюнча Агенттиктин 2022-жылдын № 72 буйругунда коррупциялык фактылар жөнүндө жарандардын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кайрылууларын талдоо менен мындай фактылардын алдын алуу боюнча чараларды көрүү белгиленип, мамлекеттик кызматчынын этикасынын негизги принциптери, мамлекеттик кызматты өтөөгө байланышкан тыюу салуулар жана чектөөлөр,  мамлекеттик кызматчынын жоопкерчилигинин түрлөрү тууралуу окутуу жүргүзүү каралган.

Ошондой эле аталган буйруктун негизинде жеринде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, 2024-жылдын 1-кварталында кызматтык иш сапар уюштурулуп, Кыргыз Республикасынын 6 облусундагы (Ысык-Көл, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас) Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн аппаратынын кызматкерлерине коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча иш-чаралар жүргүзүлдү. Ар бир облустагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн тиешелүү кызматкерлерине мамлекеттик кызматтагы тыюу салуу, чектөө, талап түрүндөгү мыйзамдык эрежелер боюнча маалыматтар берилип, коррупциялык көрүнүштөрдү болтурбоого багытталган иш-аракеттер-

ди так сактоонун милдеттери түшүндүрүлүп, кызыктырган суроолорго жооптор берилди.

Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүүлөрүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу менен коррупцияга каршы стандарттарды киргизүү, башкача айтканда, коррупцияны алдын алууну камсыз кылуучу тыюу салуулардын, чектөөлөрдүн жана уруксат берүүлөрдүн бирдиктүү тутумун белгилөөсү каралган. Мониторингдин жүрүшүндө бул стандарттар облустардагы өкүлчүлүктөрдө иштелип чыкпагандыктан, ал стандарттарды иштеп чыгуу зарылдыгы түшүндүрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешинин катчылыгы жана жумушчу топ менен туруктуу негизде тыгыз кызматташуу болуп, отурумдарына материалдар даярдалып турат.

«Мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 13- жана 17-статьяларына ылайык Агенттик коррупциялык тобокелдиктер бар болгон иштердин жана кырдаалдардын тизмесин буйрук менен бекитти. Ал төмөнкүдөй иштерди жүргүзүүдө эске алынат:

- Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо боюнча ишине мониторинг жүргүзүүдө;
- Мамлекеттик, муниципалдык кызматтын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн мониторинг, талдоо жана баалоо учурунда;

- Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоо үчүн талапкерлерди тестирлөөдө, анын ичинде мыйзамда белгиленген учурларда полиграфиялык тестирлөөнү уюштурууда жана өткөрүүдө;
- Кызматкерлерди окутуу жаатында донордук жардамды координациялоодо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча кызматкерлердин, жеке жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын кароодо;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин кызматкерлерин ардак наамдар, грамоталар, баалуу белектер менен сыйлоодо;
- Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрларынын аймактык жана муниципалдык резервдеринин түзүлүшүндө;
- Агенттиктин муктаждыктары үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы тендерлерди өткөрүү жана келишимдерди түзүүдө;
- Мыйзамдарда белгиленген учурларда мамлекеттик менчикти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү боюнча иштерге катышууда;
- Айыл аймактардын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтүүдө;
- Мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча улуттук

жана эл аралык деңгээлдеги ар кандай уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө;

- Мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жүргүзүүдө, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын чектөө боюнча сунуштарды киргизүүдө;
- Программаларды жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтүүдө, бул максаттарда эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылга карата мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн маалыматтык билим берүү, профилактикалык иш-чараларды өткөрүү планы бекитилип, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Антитеррордук борбору менен бирдикте иш-аракеттер жүргүзүлүүдө.

Агенттик коррупцияга каршы иш-аракеттеринде төмөнкү негизги ченемдик укуктук актыларга таянууда:

- «Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы конвенциясын ратификациялоо тууралуу» КРнын 2005-жылдын 6-августундагы №128 Мыйзамы (Мерида шаарында (Мексика) 2003-жылдын 10 - декабрында кол коюлган).
- «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» КРнын 2012-жылдын 8-августундагы №153 Мыйзамы;

- «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» КРнын 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 Мыйзамы;
- «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КРнын 2022-жылдын 14-апрелиндеги  №27 Мыйзамы;
- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КРнын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 Мыйзамы;
- «Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 29-январындагы №19 Мыйзамы;
- «Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы №58 Жарлыгы;
- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын Этика кодексин бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы №171 Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө типтүү жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы №642 токтому);
- «Ишкердик иштин субъекттеринин укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам (Бизнес-акыйкатчы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 647 токтому;

- Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча Методикалык колдонмо (Кыргыз Республикасынын Премьер-Министринин 2016-жылдын 18-майындагы № 281 тескемеси);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 28-ноябрындагы № 531-тескемеси (коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун кызмат ордун киргизүү);
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 4-беренесинин 5-пункту 4-беренеси.

## СОҢКУ СӨЗ

2024-жылдын 30-июлунда бекитилген Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамындагы  өзгөртүүлөргө ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу макамына ээ болду.

2024-жылдын 18-сентябрында Агенттиктин түзүлгөнүнө 20 жыл толду. Бул мезгил ичинде мамлекеттик аппараттын жогорку кесипкөйлүү, ишке жөндөмдүү тутумун түзүү, элибиздин мамлекеттик бийликке болгон ишенимин бекемдөө жаатындагы жогоруда көрсөтүлгөн  алгылыктуу иштерди жүзөгө ашырууга жетишти.

2024-жыл мамлекетибиз үчүн өзгөчөлүү жыл - Кыргыз Автономиялык Республикасы болуп түзүлгөнүнө 100 жыл толот. Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча  башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түзүлгөнүнүн 20 жылдыгы ушул тарыхый окуя менен катар белгиленүүсү терең символикалуу экендигин белгилөө керек.

Ушундай тарыхый окуялардын белгиси астында ыйгарым укуктуу орган ишмердүүлүгүнүн бир этабын жыйынтыктап, алдыдагы жаңы милдеттерди аткарууга багыт алды.

Ыйгарым укуктуу органдын алдында турган приоритеттүү милдеттер:

- кызматчыларды окутуу, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуунун натыйжалуу, иштиктүү системасын түзүү;
- кызматчыларды ээлеген кызмат орундарына жараша даректүү окутуу (жогорку, башкы, улук, кенже кызмат топтору боюнча);
- кадрлар резервинде турган талапкерлерди системалуу окутуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын укуктук базасын өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикасынын Президенти жетектеген кызматчылардын кесипкөйлүк тутумун өнүктүрүү боюнча Кеңештин ишин уюштуруу;
- «Келечек» программасынын алкагында келечектүү кадрларды кадрлар резервине киргизүү менен кызматтарга тартуу;
- кесипкөй, демилгелүү, ак ниет жаштардан турган Президенттик кадрлар резервин түзүү сунушун иштеп чыгуу.
- окутуу, баалоо, кызматчылардын ишинин натыйжалуулугуна жана сиңирген эмгегине жараша кызматтан жогорулатуу;
- мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жаатындагы мыйзамдардын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүүнү күчөтүү, мониторингдин таасирдүүлүгүн арттыруу боюнча чараларды аткаруу.

Улантылып жаткан реформалардын максаты - кадрлардын кесипкөйлүк дареметин жогорулатуу менен элибиздин бакубаттуулугу жана өлкөбүздүн кызыкчылыгы үчүн натыйжалуу иштей турган таасирдүү мамлекеттик жана муниципалдык кызматты түзүүгө жетишүү.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат өлкөбүздү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, элдин ишенимине арзыган мамлекеттик башкаруунун таасирдүү куралына айланууда.




ФУТЗАЛ БОЮНЧА
«МУРАС»
САЛТТУУ
ДОСТУК МЕЛДЕШИ






КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СИМВОЛИКАЛАРЫ


САПАРОВ
















КҮЧТҮҮ КАДР!
КҮЧТҮҮ






ATAY SALIM
KHASANOV OTABEK
JAFAROV SADI
BAZARBAEV KUDAIBERGEN
ZHOLMANOV AZAMAT




Hanns Seidel Stiftung





AKDN
КЫРГЫЗ









ЗОМБУЛУККА КАРШЫ
КАМПАНИЯ


United Nations in the Kyrgyz Republic
www.un.org.kg
UN.Kyrgyzstan






TAIDEN
БАЗАРБАЕВ
Кулайберген
Базарбаевич
TAIDEN








"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА ШААРЛАРДЫН МЭРЛЕРИ ЖАНА БИШКЕК ШААРЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК РАЙОНДУК АДМИНИСТРАЦИЯ БАШЧЫЛАРЫ ҮЧҮН КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСТАРЫ"
КҮЧТҮҮ КАДР!
КҮЧТҮҮ ӨЛКӨ!




КРПМБА



**20 ЖЫЛ КЫЗМАТТА**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик

Китеп Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзунун колдоосу менен жарык көрдү

Бул басылма БУУнун Тынчтык куруу Фонду каржылаган «Чыр-чатактардын алдын алуу жана тынчтыкты орнотуу үчүн улуттук потенциалды чыңдоо: ишеним жана социалдык биримдикти курууда жарандык коомдун маңыздуу катышуусу» долбоорунун алкагында даярдалды.

Басууга 21.10.24. кол коюлду
Офсет кагазы. Кагаздын форматы: 460х640 1/8
Нускасы 500. Буюртма №2451
«Триада Принт» басмаканасында басалды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь көч., 28 а